АКСАРИЕВА БҮБҮАЙШАКАН

# ЖОМОКТОН СОҢ

2017

Аксариева Бүбүайшакан

# ЖОМОКТОН СОҢ

Облакттык китепкананын
АБОНЕМЕНТ БОЛУМУ
Инв. № 49665

Бишкек 2007

УДК
ББК
А

Аксариева Б.
Экн жомок. – Б.: – 2007. – б.

ISBN

ISBN

© Аксариева Б., 2007.

# ЭКИ ЖОМОК

## Насип

Илгери, илгери өткөн заманда Бердибек аттуу жетим бала бир байдын колунда кул болуп жүрөт. Күндөрдүн бир күнүндө байдын үйүнө ырам ачкан же күзгү ачкан көзү ачык келет. Байдын жалгыз кызы боло турган. Бай кызына рам ачтырат.

— Байым капа болбо, кызыңдын бешенесине эшиктеги кулуң эр болуп ошону менен жашайт экен. Ошону менен бактылуу болот экен дейт, ал. Бай ачуусу келип көзү ачыкты жалганчы деп кууп жиберет да эшигиндеги ишин кылып жүргөн кулун чакырат.

— Бердибек балам сени бир чоң ишке жиберем барып кел деп буйрат. Ал мындай:

Күн чыгыш менен күн батыштын аралыгы канча? Асман менен жердин аралыгы канча? Ошону барып билип кел. Аны елчөп келмейин келбе деп кетирип жиберди. Күндөр өтө берди бала күн чыгышка карай жол тартып, көп бастыбы аз бастыбы бир чоң дарыядай суугa туш укту. Анда бир чоң балык көпүрө болуп асылып суугa чөгүп кете албай оозун ачып жатат. Анын үстү менен аркы өйүзгө өтүп алгандан кийин балыкка тил бүтүп:

— Жолоочум кайда баратасың деди.

— Күн чыгыш менен күн батыштын аралыгы канча, асман менен жердин аралыгы канча ошону билип кел деген байым ошого жол тартып кетип бара жатам деди. Анда тиги балык:

— Мен да көп күндөн бери ушинтип ачка көпүрө болуп асылып турам ошону биле келчи деди.

— Болуптур деди да андан ары жол тартты. Жүрүп олтуру, жүрүп олтуру. Ээн талаадагы бир үйгө туштукту. Ага кайрылып жатып, тенүп кетмекчи болду. Барса ал үйдөгүлөр жакшы кабыл алышып коноктошту. Кечкисин бир жылкы алып келишти, сойуп чон казанга асып бышырышты. Кырк адам чогулуп аны бир отуруп жеп, конокту бирге тамактантып, анан кайда бараткаными сурашты. Аларга чоо жайын айтып бүткөн сон тигилер да ага өтүнүч тапшырма айтты.

— Биз атыбыз чыккан кырк уурубуз. Күнүгө бир бодо уурдап келип сойуп жейбиз бирок тойбойбуз ушуну сурай келчи дешти.

— Болуптур деп жөнөп кетти Бердибек. Жол басып олтуруп дагы бир топ барганда жолдун боюнда куурап бараткан бир түп алма түбүнө келип олтуруп эс алат.

— Жолоочум, жолоочум дейт, алмага тил бүтүп, сен кайда? Мынча арып-ачып жол басып деди эле баягы жообун айтты.

— Анда мени да сурай келчи минтип мөртөй-шөртөй мөмө алам, жылдан жылга куурап баратам деди.

— Болуптур деп андан ары жол тартып кыйналып арып ачып, көзү чекчейип күн чыгышка кантип жетем деп бара жатты. Канча басканын ким билсин астынан аксакал абышка чыкты.

— Уулум кайда баратасың арып ачып? Ага баягы жообун айтты:

— Балам деди ал, күн чыгыш менен күн батыштын аралыгын эч кайдан сурап же ченей албайсың, артыңа кайт.

— Байым билмей сайын келбе деген деди.

— Анда мындай деди аксакал адам. Ал Кыдыр баба экен көрсө. Бай сени кайра келбесин деген тура.

— Күн чыгыш менен күн батыштын аралыгы бир күнчүлүк. Асман менен жердин аралыгы көз ирмемчелик. Өйдө карасаң — асман, төмөн карасаң — жер. Бала жолдо жолукkандардын тапшырмасын айтты.

— Жолдогу жолуккан балыктын суута чөкпөй жаткан каухар таш жутуп алган. Оозуна тирөөч койуп ичине кирип алып ташта. Кырк ууру болсо нысапсыз ач көз адамдар, алар өз эмгеги менен мал таап келип, Бисмилла ларахман иррахим деп сойуп жараткандан кечирим ырайым сурап нысапты тыйып ынтымак менен жесе бир бодо ашып ташып көпкө жетет. Ачка болбойт. Бат тойот, деди. Ал алманын түбүн казсаң түбүндө алтын бар. Алтындын зээри аны жылдан жылга мөмөсүз кылып жатканы, ошентип аны казып ал деди. Чал батасын берип көздөн кайым болду. Бердибек артка кайтып баягы алмага келди. Алмага келип чалдын айтканын жасап түбүн казып алтынын алып байлык тапты, алма түбү жумшарып алтындын зээринен кутулуп мөмө алып көктөп батасын берди. Анан кырк ууруга келип чалдын кеңешин айтып бир бодо тантырып келди да Бисмилларахман рахим деп сойуп, Бисмилларахман рахим деп казанга салып Бисмилларахманрахим деп бышырып жедирди, нысап кылып тартип күтүп ызы чуусуз тапканыңарга топук кылып жегиле деди. Айткандай эле кырк ууру биртке этке тойуп калышты. Баланы башчы кылып алышты. Анан балыкка келди да ага болгонун айтып оозуна тирөөч койуп ичине кирип тамагындагы каухар ташты алып чыкты.

Балык батасын берип суута чумкуп кетти. Каухар ташты алып, алтындарга жай салдырып ичине каухарды койдуруп койду эле, ичи жарык болуп өзүнчө эле бир ажайып үй болуп калды. Кырк ууры кырк желдет болуп анын айтканы менен болушту. Мал мүлк курап баягы байдан тың турмушта жашап калды.

Баягы бай сонун жайы, жакшы турмушу жана үйүн жаркыратып турууччу каухар ташы жана да кырк желдети бар бай кошуна айылда жашаарын билип укканда аны менен таанышып ымала түзүүнү ойлоп конокко чакыртты. Баягы кулу Бердибек келип калып кайра кызын алып алчуудай болуп журт которуп кеткен эле.

Бирок кайра эле аны менен кошуна болуп каларын кайдан билсин.

Конокко келген Бердибек байдын кызынын сын келбетин көрүп ага көзү түшүп аялдыкка алууга ниети кетти. Аз күн кул болуп копкө жоголгон, көпкө көрүнпөгөн бай менен кул экөө бирин-бири тааныбай калган эле. Коноктон келген соң жуучу жиберип айттырып куда түшүрүп кызын да алды, баягы байдын. Ошентип жүргөндүн бир күндөрүндө колу бетине суу куйуп берип жаткан аялынын бала кезиндеги кулунун колунун бир жериндеги тырыгы бар экени эсине түштү. Күйөсүнүн тырыгы дал өзү окшош мындайынан карап турса кулк мүнөзү да окшоп кетип турганын байкап такып сурай баштады жуунуп бүткөн соң. Бердибек башынан өткөндөрүн бүт айтып берди. Ата энеси кызы муну уккан соң баягы рам ачтырган көзү ачыктын айтканы айткандай чыкканына таң беришти. Ошондон улам нике кайып тура деген айтым кеп калыптыр.

## Чычкандар

Чычкандардын түрү көп, алар жечү чөптөрдүн сан жетпеген бүрү көп. Бирок ал бүрдү баары тең эле жебейт. Таза табиятты үй чычканы менен келемиш кенебейт. Алар белен ашка көнгөн. Термелешти билбейт. Эмесе бир жерден санап көрөлүчү чычканды, көз көрүп кулак укканды.

Карагайга чыгып ойноп, күлгөндү каалайт тыйын чычкан — жер казып жаны ийин кургандыы билет сокур чычкан. Чөптөрдүн сонукун терип, богунан дары чыккан тоолордун таза жерин мекен туткан.

Мөмпөйгөн мөмөлөй чычкан.
Керилтип керме кашын
Күнгө күйүп калбачуудай
Ийинге катып башын
Акырын ийинден чыкса

Эки жакты элендеп карап
Койкойткон мойну башын.
Айлы алыс
Арс чычкандын.
Түр жыйнап алыстардан
Суурдай соксойушуп тура калган
Томпондогон тоо чычканы.
Үй ичин шимшигилеп
Ар түркүн даамдан жеп
Уятсыз уурулукка көнүп алган
Капканга кокус түшүп өлүп алган,
Үнкүндөп үйдү казган үй чычкан.
Баарынан эң кызыгы ушулардан.
Ач көзү ашынган ач келемиш бар
Аны эч ким аташпайт ко – келемиш чычкан.
Анын аты дайыма келе, келе!
Келемиш ко,
Ала берет кампасы толсо деле.
Тойбойт көзү
Курсагы тойсо деле.
Ийин казып коңумча текче, текче
Баарын ташыйт түнү-күнү
Кечке, кечке.
Убайрам кылат баарын ташыгандын
Капканга түшсө мейли кыйып жанын.
Түшүнбөйт тирүүлүктү, өлүүлүктү
Ошон үчүн чычкан аты өчүп калып
Келемиш деген келтейген атты алып,
Жаман жактан атагы ташты жарып.
Тең келе албайт баарысы тыйын чычкан
Сокур чычкан
Мөмөлөй чычкан
Арс чычкан
Талаа чычкан
Жана чычкан
Келе келе деп турат ал
дайым дайым

Карабайт бул турмуштун
Кара – агын.
Жарайбы, жарабайбы
Каалайбы, каалабайбы
Баарын жыйат
Ошону менен жашайт ал
Кылбай уят.
Тукуму да тез көбөйөт
Оору тийбейт
Ошентип бул жашоонун келемиши
Адамдан да жаралат
Жыргайт, гүлдөйт.

* * *

Адамдын адамдык бир укугу бар,
Адамдын адамдык бир тукуму бар.
Ал эмине, алыйманы акыл эси
Ал сезим айбандардан айрып алаар.

Жандык да урук алып уруктанаар.
Адамда адамдык бир чоң касиет
Уул кыз тарбиялап улуктанаар.
Айбан да курсагы үчүн жашайт күндүк.
Чымчык да түйшүк тартат бир чоң үйлүк.
Адамдын айрымасы айбандардан,
Кичиктик, боорукерлик, адамкерлик.

Парз сымал тукум улайт ар бир жандык,
Аларда жашайт кызганч ичи тардык.
Адамдын адамдыгы аруу сүйүү
Айкөлдүк, чыдамкайлык, чоң гумандык.

Айбан да бала сүйөт күйүп жанып
Сагынат жыттагылайт жата калып.
Адамдар эне, атасын, тууган, элин
Сүйгөндүк баарын тегиз эсине алып.

## Беш кыз

Илгери-илгери бир кемпир чал болуптур. Алардын беш кызы болгон экен. Карып калгандыктан колунан иш келбей аш келбей калган абышка кемпир бир күнү кеңешип кыздарын сынамакчы болушту.

— Кызым деди чал улуу кызына, аркамды тырмап берчи, жонум кычышып жан койбой жатат.

— Колум бошобой жатат деди улуу кызы. Экинчи кызын чакырып дагы суранды.

— Кызым тырмап берчи жонуму.

— Ата мен бир жака баратам деди.

Үчүнчү кызын чакырды, ал да шылтоо айтты. Төртүнчү кызын чакырды эле аныcы келип:

— Кирдеп, сасып кетиптирсиз, тырмай албайм деди. Бешинчи кызын чакырды. Ал келип атасынын жонун аябай тырмап, кашылап уктатып койду.

Эртеси кемпири экөө кеңешип, бул кыздарды экөөбүз кандай кылып багып чоңойттук эле жонумду бир тырмап берүүдөн качышты. Кичүү кызыбыз карамдуу, эстүү боло турган ошону кошуп алып үчөөбүз бир жака качалы. Булар чоңойуп калды өздөрүн өздөрү багууга жарайт деди.

Кичүү кызды кантип бөлүп кетебиз деди кемпири. Анап чалы таптым деди. Мен беш челекче жасайм, төртөнүн түбүн тешикче кылып, бешинчисин бүтүн жасайм, бүтүнүн кичүү кызыма берем, тешиктерин чоң кыздарга берем да бар кожогөй терип келгиле, киминки мурда толсо ошонунар баса бергиле дейбиз. Кичүү кыздыкы бүтүн челек бат толот да, ал эрте келет анан алып качып кетебиз дешти.

Ошентип челек жасап токойго жөнөтүштү. Кыздар кожогат тере баштады. Кичүү кыздыкы бат эле толуп калды. Тигилер аны көрүп сен деле биз менен чогуу кетесиң деп, кожогатын талап жеп койуп жатышты. Ошентип кайра-кайра бөксөртүп жибербей, эптен баары бирдей толтуруп үйүнө келишти. Кичүү кызын

күтүп олтурушуп айласы кеткенде кемпир чал качып кеткен эле.

Атасын, апасын таппаган беш кыз үйдөн апасынын күзгүсүн көрүп, бирөө аны алды, тарагын бирөө алды, төмөнесин дагы бирөө алды да аларды издеп аркасынан түштү. Күн кечтеп караңгы кирди, кыздар адашып кетишти. Жолдон желмогуз кемпирге кезигип:

— Кайда баратасыңар, кыздарым десе кыздар.

— Ата-энебизди издеп бара жатабыз дешти.

— Анда ушундай туруп тургула, ата энеңерди мен таап берем. Үйүмө барып келе калайын деди кемпир. Буларды көргөн жез кемпир азгырып жеиштин амалын ойлоно салды.

Кыздар кала берип, кемпир жөнөп кетти. Кичүү синдиси эжелерине бул соо кемпир эмес, желмогуз кемпир окшойт качалы деди.

Ошентип кыздар качып жөнөштү. Канча басты ким билсин, кемпирдин дабышы угулду кыздарга. Сокусун минип сокбилегин камчыланып тарса турс болуп кууп кележатканын сезишти. Кемпир жакындагандан жакындап келе жаткандай болду аларга. Келсе эле жеп койо турган болуп, азуулары арсайып элестеп турду аларга. Кыздардын бирөө баягы апасынын күзгүсүнө карап:

— Апамдын күзгүсү бизди сактачы, көл болуп кемпирди өткөзбөй калчы деп ыйлап туруп жерге ыргытты эле жараткандын буйругу менен күзгү чоң көл болуп калды. Кемпир ачууланып тегеренип жүрүп алыста калды. Кыздар тыныгып болуп, дагы жол тартты. Баягы кемпир дагы жакындагандан жакындап калды. Кыздар көрө койуп, чөнтөгүнөн апасынын тарагын алып:

— Айланайын апамдын тарагы жараткандын амири ушул тарак токой болсунчу биз кутулалык ушул кемпирден деп ыргытышты эле чытырман токой болуп калды. Кемпир бир тишин жулуп балта, бир тишин жулуп араа кылып токойго жол салып өтүп кетти. Дагы кыздарга сокусун минип сок билегин кам-

чылап тарса-турс болгон кемпир жакындай баштады. Ошондо кичүү кызы жакасындагы апасынан калган темөнөни сууруп алып аны карап ыйлап туруп жараткандын амири менен ташкыны катуу дайра бол деп аркасына ыргытты эле, ташкыны катуу чоң дария пайда болуп калды. Жез кемпир жете келип аркы өйүздөн кыйкырды:

— Кыздар кайерден өттүңөр?

— Ушул жерден эле, кыздар агыны катуу жерди көргөзүп койушту. Жез кемпир ал жерден өтөм деп агып кетти. Кыздар кутулганына сүйүнүп бир чоң түп теректин түбүнө түнөп калышты. Бир хан жигиттери менен ит агытып куш салып жүрүшүп ушул жерден кыздарга туш болду. Алардын чоо жайын сурап болгон соң, улуу кызынан сенин колунан эмне келет деп сурады.

— Соку жанчканды,— деди, экинчи кызынан сен эмнени билесин,— деди.

— Мен кийим тикkенди, үчүнчүсү үйичин жакшы кармаганды, төртүнчүсү тамакты даамдуу кылганды, ошентип ар бири ар өнөрдү айтышып кичүү кызга суроо жеткенде ал тайманбай эле:

— Мен алтын көкүрөк күмүш көкүл уул-кыз төрөймүн,— деди. Хан ойлонуп ойлонуп жигиттерине төрт кызды бирден бөлүп берди да, өзү кичүү кызга нике кыйдырып аялдыкка алды. Хандын аялы төрөбөй хан баласыз эле.

Хан кичүү кызды алгандан кийин аялы кош бойлуу болуп күн өткөн сайын айы жетип ханды кубанычка бийледи. Төрөөрүнө аз калганда алыскы тоолорго азыгын камдап алып жигиттерин ээрчитип итагытып куш салып келүүгө жөнөп кетти. Анткени баланын үнүн угууга зар болуп жүргөн хан жүрөгүм жарылып кетет баланын үнүн уксам. Мага алыстан сүйүнчү айтып баргандай болгула деп табыштаган. Айы жетип күнү келип келин толгоо тартып баштаганда анын күнүлөрү мастен кемпирди чакыртып алып бир табак алтын берди да кеңеш сурады.

Мастен иштин жайын түшүндү. Ичи тар байбичелер жаш токол төрөп балалуу болсо хан байбичелерди карабай койорун толук түшүнүп мастенден жардам сурашкан.

Мастен эки күчүк алып келди да келин качан төрөөр замат эки күчүктү анын алдына таштап, эки баланы жоготууну план кылды. Кыйналган келин көз жарды, көзү тунарып акылы кетип барып ордуна келди. Айткандай эле Алтын көкүрөк күмүш көкүл бир кыз, бир уул төрөдү. Мастен кемпир алдына эки күчүктү таштап койду да, эки баланы сандыкка салып сууга ыргыттырып жиберди. А ханга болсо аялың эки күчүк төрөдү деген сүйүнчү жөнөтүштү. Хан муну укканда каарданып, ал аялды алыска-алыска көздөн далдоо ээн талаага таштап келгиле деп буйрук кылды жигиттерине. Жигиттери келинди эки күчүгүнө кошуп ээн талаа, эрме чөл түнт токойдун четине алпарып таштап келди.

Аял токой четинен эптеп ар нерсе терип жеп күн өткөрүп жүрдү. Күчүктөр күн өткөн сайын чоңойгондон чоңойуп алгыр кумайык болуп чыга келишти. Эки кумайык энесине ар нерсе кармап келип багып турушту. Үңкүр казып ошондо күн көрүп туруп калышты. Эми баягы сууга ыргыткан сандыктагы балдардын абалы да ойдогудай болуп чыкты. Аны суу агынындагы кайберендердин ээси агып келе жаткан сандыкты тосуп алды да ичиндеги балдарды сүтүн берип багып чоңойтту. Бала баатыр мүчөлүү акыл эстүү айбаттуу бала болуп чоңойуп бара жатты. Кыз сулуу жана кубаттуу сымбаттуу болуп өстү. Күндөрдүн биринде баягы алардын хан атасы ушул балдары жашаган тоолорго итагытып куш салып жигиттери менен түшүгүп калбасы. Хан таштын үстүндө уктап жаткан бир кыз, бир баланы көрдү. Ал жапайы кыздын, баланын ата-энеси жок токойдо кантип чоңойгонун жана аялынын эки күчүк төрөгөнүн ойлоп шек санап кетти, өзүнчө өлгүсү келип буулугуп ыйлады.

Кийик уулап бүткөн соң үйүнө келип кемкөрөсүнөн түшүп жатып алып: тоого да берген бир бала, токойго берген бир бала. Мага кандай бербеди экен жараткан эгем бир бала деп буркурап ыйлады.

Муну көргөн байбичелери, үрөйлөрү учуп. Баягы мастенди чакыртып алып кыз менен бала аман-эсен окшойт. Болду-болбоду жанагы экөө ошолор болуу керек. Барып жоготуп кел деп дагы алтын берип жолго салышты. Мастен кемпир алтынга кубанып токойго келди да кыз менен баланы аңдып, кайерде жашаарын билди. Бала кийик уулап алыска кеткенде акырын келип үңкүрдүн тышынан кызга үн катты.

— Кызым кандайсың, зерикпей кантип олтурасың. Эшикти ачпайсыңбы кирип эрмектешип кетейин.

— Энеке, мен үңкүрдүн оозундагы ташты оодарышка күчүм жетпейт, сизди киргизе албайм деди. Ошол жерден сүйлөшө бериңиз.

— Сага бир кеңеш айтайын, акеңди үйлөнгүн, мага жеңе алып бергин де. Ушул шаардан алыс турган коңшуна шаарда бир Күлбөскан хан бар, ошонун ашкан сулуу кызы бар ошону жеңе кылып бер, жалгыз зериктим де. Ал кызга барып ага ашык болгон дөө менен кармашкан далайлар кайтпай калганын уккан эле мастен кемпир. Ошентип кыздын башын тегеретип, тегеретип койуп жолуна түштү мастан кемпир. Акеси уудан келгенде карындашы.

— Аке деди, мен зериктим, бир кемпир келип Күлбөскан деген хан бар, ошонун ашкан сулуу кызы бар, жеңе кылып акеңди жиберип алдыртып алып зерикпей олтурбайсыңбы деди. Аке чын эле үйлөнсөң, ошо кызга үйлөнчү мага эрмек болсун ээн талаа-эрме чөлдө зериктим.

Акеси макул болуп кийик кекиликтердин этин жыйып келип кызды оокатка камсыз кылып, үңкүрдүн оозун үйдөй таш менен бастырып койуп жол тартты. Арып ачып көп жол басып баягы шаардын четине келгенде көйнөк алып киймекчи болду. Дүкөндөрдөн

көйнөк алып кийгенде эле айрылып калат. Утуру бирин алып пулун төлөбөгөн балага не дээрин биле албаган дүкөнчү, ханга киши чаптырып арызданды. Эч нерсени түшүнбөгөн доодой дөпөрөс бала келип көйнөктөрүмдү айрыды деп арызданды. Хан баланы чакыртып алып, карап туруп жылмайып күлүп койду. Жанындагы жанжөкөр киши буга таң калып, ханды такып сурай берди:

— Ханым эч нерсеге күлбөйсүз, эзели минтип күлгөнүнүздү көрчүү эмес элем, ушу дөөпөрөз балага күлгөнүнүз кандай?

— Күлгөнүмдүн жөнү бар деди хан. Бул жөн бала эмес бир шордуу хандын баласы окшойт. Хан тукумунан окшойт. Бир сыр бар бул балада деди да, хан балага бир баш самын, бир күзгү, бир сүргү берди. Мына бул самын менен аябай самынданыл жуунуп, бул күзгү менен утуру көрүнүп, сүргү менен утуру сүртүнүп аарчып качан агарганда мага кел деди. Анан хан ага ылайык көйнөккө заказ берип тиктирип берипти тапшырма кылды. Бала жууна берди, жууна берди, утуру аарчынып утуру күзгүгө карана берди. Качанкы кирлери чыгып өңүнө келе түштү. Анан тигилер тиктирген жарашыктуу кийимин кийди эле сулуу сымбаттуу мүчөлүү, сүрдүү келбеттүү болуп көрүнүп калды. Хан сарайына барып, болгонун болгондой айтты эле, хан:

— Балам жаш экенсиң, менин кызымды бир дөө энчилеп ким жуучу болуп келсе мертинтип койуп жатат. Биздин болсо ага алыбыз жетпеди деди. Бала буга көнгөн жок. Хандын кызы баланы көргөндө эле жакшы көрүп калган эле. Ал баланы чакыртып алып мындай деп кеңешин берип жардам кылды.

— Сен ал дөөгө барсаң алың жетпейт. Менин кеңешимди ук. Ал дөө жети күн уктап, жети күн ойгоо болот. Анын жанында биртүп терек көлөкө. Ал дем алганда теректин башы демине жараша, дем тартса ылдый ийилип, дем чыгарса өйдө түзөлүп турат. Ошончо немеге сенин алың жетчүүбү. Азыр уктап жаткан

кези. Менин атамдын жер астында багылган тулпары жана курч кылычы бар, ошону алып берейин, сен анын колу бутун чынжырлап таң да ошол тулпарга танып тоо ташты аралап сүйрөт алы кетип шайы ооганда гана кармашсаң алың аран жетээр — жетпей да калышы мүмкүн деди.

Ал берген кылыч, чынжыр менен тулпарды алып жолго чыкты. Дөөгө келди, теректин түбүндө тоодой болуп уктап жаткан дөөнү көрүп айран таң болду. Чын эле кыз айткандай дем тартса теректин башы ийилип, дем чыгарса кайра жогору көтөрүлүп жатты. Буту колун акырын таңа баштады чынжыр менен. Сезген жок дөө. Тулпарга бекем чырмап өзү ыргып минди да ташка салып сүйрөтө баштады. Качан гана эти тытыла баштаганда ойгонуп кетти да турууга үлгүрбөй калды. Шайы ооганда гана чынжырын чечти эле дөө эсине келип тура калып кармашып кирди. Мына ушул акыбалында экөө жети күн, жети түн кармашты. Аран дегенде дөөнү жыгып анан кутулду. Ханга келип кызынын колун сурады. Күлбөсхан кызы менен кошо жигиттерден жан жөкөр жана келиндери менен каалагандарын кошуп жөнөттү. Токойго келип өргөө тигип карындашын үңкүрдөн өргөөгө алып чыгып той кылып өзүнчө айыл болуп жашап туруп калышты. Эми баягы энеси эмне болду. Анын кумайыктары аялдын жоолугун ала качып, утур жетейин дегенде кайра качып, жетпей калса жоолукту жерге койуп балдардын апасын үңкүрдөн ошол айылга ээрчитип жөнөштү, ээни кейиген аял эми ушул экөө да мени кейитеби, ушул жашообу деп ээрчип капа болуп саксайган чачын жулалбай ээрчип келатты. Ушул учурда хан жигиттери менен тиги чакан айылга бастырып келишти.

— Эмне уруша турган элсиңерби же достошо турган элсиңерби деп сурады, вазир. Жок деди аердегилер биз дос болууну каалаар элек дешти ханды түшүрүп мейман кылмак болушту. Ушул маалда кумайыктар жете

келинти артынан саксайган аял келатат. Кумайыктар аялдын жоолугун аларды карап турган кыз менен баланын астына алып келип таштап койду, аял балдарга жакындаганда эне-бала жүрөгү тартылышып, эненин эмчеги ийип кетти, айрык көйнөгүн аралап сүтү агып жатты. Хан аялды боолгоп тааныды да сураштырып көрүп, аялдан чоо жай укканда баласын, кызын, аялын кучактап алып өзүнүн иттигине ичинен ирип жийркенип жатты. Элине тез аттанып барып мастен менен байбичелерин улоо байталдарга буттарынан танып айдап жиберди. Улоо байталдар аларды колун кол, бутун бут кылып таштан ташка уруп жок кылды.

Ошентип кызы, уулу, келини балдарынын энеси болуп эли-журту менен жашап эч кимдин сөзүнө кирбес хан болуп ээн чөл калган экен.

## Алтынай

Илгери-илгери өткөн бир заманда бир бала апасы экөө элден ээн чөл айылда жашап, баласы акылдуу күчтүү болуп чоңойот. Ит агытып куш салып айылдан айылга, хандан ханга өтүп уунун кызыгына батып жүрүп күндөрдөн бир күнүндө бөлөк падышачылыкка туш болот. Алардан күнүгө ажыдаар салык катары бир кой, бир кыздан келип жутуп турчуу экен. Баягы айылдын четинде бир кой кармап бир кыздын өзү жеке олтурганын көрөт. Кыздан бул жерде эмне кылып турганын уккан жигит аттан түшүп кыздын жанына келип, мен бир аз эс алып алайын ажыдаар келгенче деп кыздын тизесине башын койуп жата кетет. Кыз буркурап ыйлап, кеткин бул жерден, сен бей ажал өлбө деп болбойт. Ошол хандыктын кыздарын оп тартып жеп бүтүп ушул хандын кызына кезек келген эле. Бала көшүп уктап кетет. Кыздын көз жашы ыйлай берип этегине толуп кетет. Бир убакта ажыдаар келээр маалы болгондо бороон чапкын ышкырык үн угула баштаганда тур, ажыдаар келе жатат деген

үнүнө ойгонбогондо кыз тура калса этегиндеги көз жаш ага чачырап кетет, ошондо селт деген бала ойгонуп кетет. Шаша бутша чоң канжарын туура байланып ажыдаарды карап тигилерден мурда тура калды. Тигилердин үчөө болгонуна сүйүнгөн ажыдаар кандай ашык берген хан деп оп тартып жиберди. Курч канжар ажыдардын бир жак капталын шара тилип, бала жутулган сайын ажыдар бөлүнүп шылынып жатты, калганын өзү жайлап аман сыртка чыгып кызды ажалдан алып калды. Канжары менен ажыдаардын терисинен кесип алып муну атана алпарып бер, үзөнгү боо кылсын деп кыздын колуна карматты.

—Ажалдан алып калдыңыз, эгер мен жаксам сага өмүрлүк жар болойун деди да кыз колундагы шакегин берди. Кызды үйүнө жеткирип ханга келип кубанычтартуулады. Хан кызымды каалаган алгын. Азырынча мына буларды деп мал мүлк берди. Бизди чоң душмандан куткардың, ыраазыбыз деп эли менен той берип баланы узатышты. Бала тапканын энесине алпарып берип дагы тоого аң уулап ит агытып куш салып келмекке жөнөп баратып апасына мен көптө келем, боорду отко салып бышырып жебениз деп койуп кетип калды. Баласынын бул эскертүүсүнө энеси тан калып, бул эмнеси бул убакка дейре көрбөсөм да азыр бышырып жеп көрөйүнчү деп чоң кесим боорду отко салып бышырмак болуп салып койду. Суу боор чокту өчүрүп салды. Мына эми чок жок, чок сурап келгенге айыл алыс, жолдон ары өткөн бери өткөндөрдөн чакмак сурайт. Жок. Бир мезгилде бир паңги адам өтүп баратса андан да сурады. Ал от тамызып берип келип кетип эрмектешип тааныш болуп жүрөлү, чакмакты сенден аябайм деди. — Балам жаман көрөт.

— Жок балаң жокто келип турам деди. Бир эки келген соң үйүр алып калган паңги аялга сунуш киргизди.

Ушул үйүндүн бир жерине оро казайын, үстүн этияттап жаап кой, мен ошол жерге жашынып калам,

балаң келе жатканда деп жалдырады. Баланын тапканына тең орток болгусу келди паңги (наша чеккен кумарпосту паңги деп койушчу экен). Аял аны эрмек кылганга макул болуп оро каздырып бекитип койду. Бала мезгил өткөн сайын эр жетип жигит болду. Паңги коркуп качан көрүп калып мени өлтүрөт деп жаны оозуна келип жашап жүрдү. Бара-бара жан берген мал мүлкү көбөйүп, байып да калышты. Бир күнү паңги өзүнүн жашоосуна амал түздү. Кийиктин тарамыштарынан жип жасады. Анан аялга айтты: сен экөөбүз ачык жашай албасак, ушинтип жүрүп бир күнү билсе балаң сени да, мени да өлтүрүп салат. Андан көрө экөөлөп баланы жок кылалы. Паңгиден паңгиликти үйрөнгөн аялдын башы да паңги болгон го ким билсин. Өз баласын бир жакка жок кылууну ал да туура тапты. Антпесе эки паңгиге эркиндик жок эле.

Кечке паңги экөө кумар ойноп наша чегип ээн калгысы келишти. Эси жок энеси кантип жок кылабыз деди паңгиге. Мен тарамыштан жип жасап койгом, бармакбооч ойнойбуз де — мен жиптин бир учун ороодон тартам — сен да мен жактан тартасың, ошентип көзү бозоргондо бир нерсе кылабыз деди. Баласы аң уулоодон кайтканда апасы амалын ишке ашырды, бармакбооч ойнойбуз зериктим балам деди, энесин аяп, ойноду баласы, паңги болуп башы айныган апасы тарамышты катуу тартышканда баласынын көзү бозоро түштү.

— Апаа, бул эмнеңиз?

— Көзү бозоруп жыгылып калган баланын акыбалынан пайдаланып паңги көзүн ойуп салды. Энеси экен деп кол кайтара албаган бала көзүнөн айрылып жатып калды, ороп чулгап атка артып алыска бир булактын көзүнө алпарып көздөн далдоо таштап баса берди паңги. Булакта жаткан сокурга эч ким назар салган жок.

Келген келин-кесектен ушул арада той болуп жаткансыйт, кулагым угуп көзүм көрбөйт, ал кимдин тойу деп сурайт.

— Тойду эмне кыласын, акыбалыңды соғо албай

жатып, деп койуп кетип калышат баары эле. Бир маалда телп-телп деп кепичин сүйрөгөн кемпирдин доошун угуп, энеке, энеке бул жакта эмне той болуп жатабы деди. Ойун-шооктун үнү угулат.

Кемпир балага боору ачып.

— Ооба балам, ханыбыздын Алтынай деген акылдуу кызы бар, ошону күйөөгө узаткан жатышат, жакында ошонун тойу деди байбиче.

— Энеке деди бала кыздын чоо жайын бүт укканда. Ошол Алтынай деген кызга мына бул менин колумдагы шакекти берип койор бекенсиз деди. Кемпир, киргизбейт да балам,— деп көнбөдү, бала эптеп берип койсоңуз эне деп жалооруду. Кемпир айласы кетип балага боору ачып шакекти алды. Эптеп чолоо таап Алтынайга келип шакекти бала табыштагандай кылып:

— Ал Алтынай аманатыңды, деп алдына ыргытып жиберди. Алтынай шакекти көрөр замат аны алып өзгөрө түштү. Кемпирди жeлдеттер эшикке жетелеп бара жатышты эле, алып келгиле байбиче энени деп кыз буйруду. Алдырып келген соң кемпирди сыйлады, чапан жаптырды. Анан атасына киши жөнөттү.

— Атам кастарлуу үзөңгү боосун майлап койсунчу деп айттырды.

Атасы үзөңгө боону эстээр замат, тойду токтото турууcун айтты элге. Баягы баланы алдыртты. Бала чоңоюп эр азамат болуп калган эле. Ак боз бээни сойдуруп казысына бөлөп, түрдүү чөптөрдөн дары алдырып, табыштын табыбына салдырып, баланын көзүн тез эле калыбына келтирип койушту.

Хан убадасы менен кызын ага берди да чоң той өткөзүп, андан соң тактысын берип, өзүнө бала катарындагы күйөө бала жана хан кылып алды. Ошону менен баарысы калыс жана бактылуу жашап калышты.

### Укмушну же турмушну

Умарбектин уулу,
Укмуш деп бир сулууну.

Алып келди эле, а бирок,
Жок болуп чыкты туруму.

Эне-ата болгон акчасын,
Келинге деп ыйгарат.
Бербейт деп сенин ата-энең,
Аны да турат бурмалап.

Кайын журтун жолотпойт,
Жаман жагын жомоктойт.
Төрөдүм иш кылдым деп,
Күйөөсүн деги тоготпойт.

Келини болду кайнене,
Ах эне бышык жан беле.
Балам деп жүрүп а байкуш,
Карымак болду бат эле.

Алжыды эрте ата-эне,
Жакшы сөз укпай жүрүшүп.
Бала карып баратат,
Жарынан жадап бүрүшүп.

Баарыга келмек кезек бар,
Касалка болот демекчи.
Үйлөнду анын уулдары,
Мезгили берип кезекти.

Бас деген сындуу цемиңи,
Өзүндөй чыкты келини.
Энеге кылган энчисин,
Кайтарып койду теңири.

## Кудалар

Баалашпаган кудалар,
Байлыктарын санашат.

Сыйлашпаган кудагый,
Мурдун көктү каратат.
Тайкы болсо сезими,
Ушак айтып жанашат.
Алардын кирип тилине,
Балдары жолдон адашат.
Көзүнөн чыгып ички ою,
Кирдүү карек карашат.
Теңим табам десеңер,
Сындаш куда болгончо.
Кулун бийин баары бир,
Сыйлаш куда болгула.
Бирде дөөлөт бар болот,
Бирде дөөлөт зар болот.
Куур тон кийген бир күнү
Багына келсе хан болот.

* * *

Ыр деген талантым бар,
Уул-кыз канатым бар.
Байкабай көп нерсени,
Сүйлөмө адатым бар.
Кол ишим өнөрүм бар,
Элиме керегим бар.
Бирөөдөн улуп жулбас,
Ыйман деген желегим бар.

Эртеңди эстээрим бар,
Каалырды жектээрим бар.
Анткени жүрөгүмдө,
Жараткан ак теңир бар.

## Каалоо айтам кыргызга

*(2200 жылдыкка карата)*

Алтын күмүш кен чыккан,
Жери сонун кыргыздын

Мейманга кенен койну ачык,
Эли сонун кыргыздын.

Ач калса да жайдандап,
Пейли сонун кыргыздын.
Ак элечек ак калпак,
Кейпи сонун кыргыздын.

Той тамаша өткөргөн,
Төрү сонун кыргыздын.
Түрлүү элди эсалткан,
Көлү сонун кыргыздын.

Тогуз Ак кийген башына,
Тоосу сонун кыргыздын.
Төрт түлүгү чубурган,
Коосу сонун кыргыздын.

Дардаңдатып семирткен,
Даны сонун кыргыздын.
Дары болгон барына,
Балы сонун кыргыздын.

Жез оймок илим-билимдүү,
Кызы сонун кыргыздын.
Кең пейил ишкер, эр жүрөк,
Уулу сонун кыргыздын.

Эки миң эки жүз жылдык,
Бурулуш болсун элиме.
Дээриңерге дем берип,
Ырыс консун жериме.

Бейпарасат болбойлу,
Пейлибизди оңдойлу.
Өзгөлөрдөн өзгөчө,
Жерибизди коргойлу.

Оомийин бата тилейли,
Тойлор тойго улансын.
Бабам Манас ыроолоп,
Кыдыр атам жылоолоп,
Кокко жетсин кубанчың.

## Үй-бүлөмө

Ак сүтүн берип,
Арканда турган уйга окшоп
Канатын тигип,
Капаста турган кушка окшоп.
Бакканым чыны,
Сезсенер уул-кыздарым.
Азыр мен жүрөм,
Айтылбай калган сырга окшоп.

Сени да жарым,
Калтыргым келбей намыска.
Көрпөндө болуп,
Кете алган жокмун алыска
Билимим тайкы,
Билинбей жүрөм өз элде,
Кантейин эми,
Түшө албайт окшойм жарышка.

## Сүйүү

Сүйүү бул ойноп күлүү эмес,
Сүйүү бул беттен сүйүү эмес.
Жашоо үчүн жакшы жабыкпай,
Жар болуп өмүр сүрүү эмес.

Айбандар деле жытташат,
Айбандар деле учкашат.
Короолош болуп калган соң,
Кой деле маарап ыкташат.

Сүйүүлөр жүрөк тандашат,
Өзү эмес жүрөк арбашат.
Арuулар аруу сүйүшүп,
Сүйүүнү бийик баалашат.

## Канткенде заман оңолот

Канткенде заман оңолот,
Деп балам мага кайрылат.
Келечекти ойлонуп,
Келечекке кайгырат.

Жооп таппай жалтактап,
Жолдо келем ойлонуп.
Канткенде деп түйшөлүп,
Түндө жатам толгонуп.

Түкшүмөлдөп түп айтып,
Түшүндүрүү эң кыйын.
А керекчө табалы дейм.
Алды жактан бир тыйын.

Ага болбойт келечек,
Мазамды алып бу тентек.
Түшүндүрүү мага оор,
А балама чоң эрмек.

Угуп тур балам айтайын,
Замана кантип оңолот.
Эгемен болгон элибиз,
Эмгектеп басып торолот.

Кең байлык толо тообуз бар,
Малга шайкеш кообуз бар.
Дары чөп курорт дары суу,
Айыгар түркүн оорулар.

Замана элдин пейлинде,
Аппак болсо баарысы,
Бирине-бири баш ийсе,
Жашы менен карысы.

Иштеш-иштеш жана да,
Окуш-окуш бала да.
Алды менен шарт түзсө,
Идиректүү балага.

Жалгандуулук жоголсо,
Самопалдар оңолсо.
Бутка тепкен алиги,
Кара өзгөй жолу торолсо.

Тартип болсо биринчи,
Замана болот сүйүнчүү.
Чочупай элди башкарган,
Чоң болсо элге күйүмдүү.

Идирек болсо балдары,
Илимдүү болсо чалдары.
Көрөгеч болсо балдары,
Көсөм болсо карганы.

Кудайдан корксо бардыгы,
Жоголсо ичи тардыгы.
Өзүмчүл болбой чыгааны,
Көтөрүлсө кыраaны.

Бирин-бири сатпаса,
Көтөрүп эли мактаса.
Утурумдук оокатка,
Уясын бузуп чачпаса.

Ойлору болсо урунттуу,
Сүйүүсү болсо туруктуу.

Бирин-бири каппаса,
Эл болот анан ырыстуу.

### Энекем, мен да энемин

Аманым тилеп самаган,
Айланып көзүм караган.
Койнуна бекем кучактап,
Салаалап чачым тараган.

Оорусам коркуп элейип,
Уйкусун бөлүп кеп кейип.
Аманым тилеп теңге атап,
Жүрсө дээр эле сербейип.

Жат айтып жаман сарым деп,
Мурдума жыттаар дарым деп.
Апакем менин ай күнүм,
Жүрчүү эле мени миң тилеп.

Апакем менин ардагым,
Азыр өзүндөй болуп калганмын.
Омуртка жүрөк бүт ооруйт,
Ташка урса балам бармагын.

Бардыгын багып көтөргөн,
Эне — Жер эне сындуу турбайбы.
Эненин баркын билбести,
Жараткан чындап урбайбы.

### Биз, биз

Кызындай карап тутундун,
Кыргын кылып учурдун.
Басканда кубат болчуудай,
Булчуңу элең бутумдун.

Айкашы элең бөюмдүн
Ажааты элең ойумдун
Ар нерсе жазсам кошулаар
Манжасы элең колумдун.

Уулга, кызга бир карап,
Учууга элең бир канат.
Солдойгон кемпирчеңе сен,
От койуп кеттиң куйкалап.

Кеттиң алып күлкүмдү,
Элесиң калды сүйкүмдүү.
Табарик тутуп келемин,
Сен кирген ар бир түшүмдү.

Замандын айтып жомогун,
Балдарды таптап бүткөнчө.
Байкабай калдым кантейин,
Колдогу чайың ичкенче.

Баа жеткис чагым табарик,
Алыстан булбул көрүнөт.
Ал кезге ичим ачышып,
Көзүмдүн жашы төгүлөт.

Экөөбүз сепкен үрөөндү,
Кубатка тутуп келемин.
Өмүрлүү эстүү болсо экен,
Өзүңдөн калган белегим.

## Тоо жалында

Чокусу ак калпактай кар жамынып,
Этеги токой черден кыйуулаган.
Мал дайын күтүрөтүп жакалары,
Ак ниет кыргыз элден сулуулаган.

Сөөлөтүң Эр Манастай алп атасы,
Койнуң Каныкейдей эне киндик.
Өзүңдөн өмүр улап айланышып,
Өзүңдөн байланышат түндүк-туштук.

Гүл жыттуу койнуңда эркелеймин,
Көз өтсө сенде калар азиз сөөгүм.
Өзүңдөн — өнөт менин келечегим,
Өзүңдөн — өнүп өскөн ата тегим.

## Атам, Апам ардагым

Эзилип эркелеткен
Ойумча көкөлөткөн.
Ар түрдүү жомок айтып,
Айдында бөпөлөшкөн.

Энекем энекем ай,
Асылсың атам экөөң.
Суу берген багбанымсың,
Тарбия салмагымсың.

Чаалыксам чалынба деп,
Жаманга малынба деп.
Куйултуп кулагыма,
Канча айткан тарбия кеп.

Энекем энекем ай,
Алтынсың атам экөөң.
Дем алган таза абамсың,
Саргайсам садагамсың.

Ак жүр деп ак сүт берип,
Мээринен дем күч берип.
Келжейип турсам дагы,
Кешпириме кеткен эрип.

Энекем энекем ай,
Ай күнүм атам экөөң.
Азыр да тандайымда,
Ак сүтүң мага берген.

### Тоолук Токтогул

Тоодо туулуп торолуп,
Тулпар токуп такшалдым.
Тоолуктарым топуктуу,
Тоонун таптап таштарын.

Тоолуу таштуу Токтогулум,
Талкан тузу тамшанткан.
«Токтогулум» Токтогулдай,
Таланттарды такшалткан.

Тынчтык тилеп тоо, тоолорум,
Тосуп турат тоо түздү.
Тилек тилеп табышмактуу,
Турак тутам түштүктү.

* * *

Аллам айтат аруу болуп жашагын,
Арам жебей адал оокат ашагын.
Жашооң айтат озуп кетти катарың,
Намыс айтат чыгааны бол атаның.
Чырмалышкан түйшүк менин чатагым.
Ойундагы болбойт, өзүң айткандай,
Бул жашоонун ошосуна капамын.

Акча издейм тирүүлүктө,
Ачка өлүп калбас үчүн.
Ар намыс, абийир издейм,
Балдарым кармаш үчүн.

Билбеймин өтүп барам,
Эмне издеп бул ааламдан.
Ыраазы болуп болбой,
Не тилейм бу жалгандан.

Уктабай түн терметип тилеп тилеп,
Оорусан кошо онтоп кирпик какпай.
Темселеп көр оокат деп эрте туруп.
Көп ирет калчуу эле үйкум канбай.

Ата-энем кыздан жалгыз тилеги мен,
Атадан атаң жалгыз үмүт кезген.
Кыялдуу силерди ойлоп тилек тилеп,
Оо балам күдөр үзбөй атаң өткөн.

Аман бол, айкөл, кичик, эстүү болгун,
Ажаатын чече билгин онду солдун.
Атаңдын руху ыраазы — мен ыраазы,
Инсандай абийир күтүп тапсаң ордун.

Энекең карыйт бир күн жол арыткан,
Бир күнү көп айтышаар бу жалгандан.
Сыймыгым силерсиңер, анан ырым,
Бул дүйнө калат бир күн мен алышкан.

* * *

Дегден дугдаң этебиз,
Ден соолукту кечебиз.
Көзү жок тирлик деп жүрүп,
Эртенди кайдан сезебиз.
Жаныңдын кийми ден соолук,
Экенин кайдан сезебиз.
Жамалып калчуу нерсе эмес,
Жаныртып кайдан чечебиз.
Аңдабай жүрүп биз анан,
Капыстан оорup кетебиз.

Барынан кымбат ошондо,
Ден соолук баркы дешебиз.

## Ар нерсе баркы ар бөлөк

Жейренче арыш кердирген,
Жеримдин баркы бир бөлөк.
Жакшысы бар жаман бар,
Элимдин баркы бир бөлөк.
Тойтойтуп кымыз ичирген,
Тоомдун баркы бир бөлөк,
Башкача кылып караган.
Балапандай тараган,
Мурдундан атып турса да,
Музоосундай жалаган.
Кашкулак болуп турсаң да,
Карчыгадай баалаган,
Ата-эне баркы бир бөлөк.
Бирин-бири көтөрөөр,
Эл алдында бөлөлөр,
Кор болуп турсаң душманга,
Көңүлүндө өскөрөөр,
Ар намысың талашып,
Жакшы ишинде жанашып,
Турар сага бир тууган.
Мунун баркы бир бөлөк.
Апан кор оокат деп урушпай,
Кабак кашы бырышпай,
Бирөө күлүп сүйлөсө,
ойношун деп урушпай,
Бири баскан жагына
Бири турса бырышпай.
Эрмектешип жүрүшсө,
Эси көөндөн чыгышпай.
Көөнөрүп бара жатсада,
Көңүлү турса суушпай.



Областтык китепкананын
АБОНЕМЕНТ БОЛУМУ
Инв. № 49665

Көкүрөгү ак болсо,
Бирине-бири бап болсо,
Оролошуп бир жүрсө,
Ойунча өмүр бир сүрсө.
Ооруганда онтошуп,
Күлгөнүндө бир күлсө,
Өмүрлөш баркы бир бөлөк.
Төрөлүп баа деп бакырып,
Бейкапар байоо көз ачкан.
Гүл атыр жытын мындай кой,
Аябай сонун жыт чачкан.
Тили чыгып быдырап,
Буту колу тыбырап,
Булбулдан өтүп сайраган,
Эмгектеп кечке талбаган,
Ата-эне эмес бөлөктү,
Өзүнө тартып арбаган.
Көңүлү таза дили аппак,
Кечке ойногон тырактап.
Анан кичи болуп жетилип,
Өйдөлөп акыл бой тирел,
Эки жагын карапып,
Чачы башын тарапып,
Ордуңду басат аз-аздан,
Эл ишине жаралып.
Ошентип баланын баркы бир бөлөк.

## Ушакчылар кыйшык күзгү

Ушакчылар кыйшык күзгү,
Кыйшыйтып чагылдырат
Элге сени.
Күчтүү болот анын сөзү,
Душманыңды эсалтат,
Анын кеби.
Дымагы же күчтүү деми.
Чаарчыктап тумандайт,

тунук көзү.
Мандайында турганда,
таттуу сөзү.
Ушакчылар кыйшык күзгү,
Карашат ал көз менен,
Ушакчылар ээрчимелер.
Жатка айтат анын сөзүн,
чала мээлер.
Ушакчылар кыйшык күзгү,
Чагылтат кыйшыңдатып,
элге сени.
Басылбайт антмей сайын,
анын деми.

## Ушундай менин кыргызым

Бүркүт куш атын таптаган,
Мүнүшкөр менен саяпкер.
Тартиптүү уул кыз баштаган,
Эң катуу эле тартиптер.

Элечек саймa кундуз бөрк,
Кыздарга берген сулуу көрк.
Балдары баатыр мүчөлүү,
Сөзүнө турган чынчылбек.

Уз уста зергер узанган,
Салт, санаа менен кыз алган.
Шаа мүйүз тартып кеңешип,
Накыл сөз элди сугарган.

Манасы Маанай даңкталган,
Акыны төкмө ат салган.
Жасанып оймо чиймеге,
Көркөмү менен мактанган.

Кыр ашып улуу тарыхтан,
Кыргызым кылым карыткан.

Атуулдар чыгып келатат,
Кыргызым сыртка таанылткан.

Угулуп аты алыстан,
Уулдары болгон даанышман.
Кыз-сайкал өңдүү энелер,
Эр жүрөк жоого салышкан.

Семетей, Сейтек, Манастан,
Душмандар эстен адашкан.
Каныкей менен Айчүрөк,
Умайга окшоп жарашкан.

Курманжан датка, Курманбек,
Жаныш, Байыш, Эр Төштүк.
Эпосу, даңкы кыргыздын,
Көрсөтүп турат теңдештик.

Ушундай болгон учугуң,
Баатырлар рухуң тукумуң.
Көкөлө ана! кыргызым,
Өзүңдө турат укугуң.

* * *

Мейли хан бол, мейли болгун жумушчу,
Калкың болсун сага дайым кызыкчуу.
Жалган дүйнө жашыл-кызыл аралашкан,
Эзелтеден ак-каралар арбашкан.

Биз жалганбыз ансыз деле жалганбыз,
Биз армайбыз ансыз деле армайбыз.
Беш күнчүлүк ушул жалган арманда,
Жол бербейли арман менен жалганга.

Биримдикти жаратканым жактырган,
Уруш чатак шайтан иши паштырган.
Оо башчылар! periште күт ирде,
Кек сактабай бириң менен бирине.

Колдун кири байлык мансап баарысы,
Адал эмгек ак жүрөк эл дарысы.
Чет жакага шылдың болбой жашайлы,
Тепселбесин кыргыз элдин намысы.

## Кыргызыма каалоо

Кылымдап өсүп өбөлөп,
Кыргызым тоодой төрөлөт.
Кыз уулуң чыгып акылдуу,
Өрүшүң өссүн жогорook.

Пейли кең болуп ар жандар,
Төрөлбөй калсын айбандар.
Периште күтүп жан дүйнөң,
Пээтиңен качсын шайтандар.

Бабалар руху жар болсун,
Карангың болбой таң болсун.
Эгиздей болуп бапчылар,
Бирине бири шам болсун.

Иштебей калып башыбыз,
Түшпөсүн бутка ачуубуз.
Эң таза кыргыз бололук,
Алыска кетип атыбыз.

## Келиним Ырысканга

Атыңа затың төп келип,
Ырыскан эмес ырыс бол.
Уулума жаркып кош келип,
Жан дүйнөң эсиң тунук бол.

Агарып өтсүн башыңар,
Узак болсун жашыңар.
Сыр жашырбас келин бол,
Сырым жок сенден жашырар.

Эгиздей эки уулумдун,
Жан шериги жарлары
Туусун бек кармап туурдун,
Ачылып турсун кабагы.

## Туткак

Туткак кошунасына кирди,
Буйум тайым көрүндү,
Көзүнө түрдүү.
Үй ээси ишке алаксып,
Эшикте жүрдү.
Туткак туталанып,
Тушукканын илди
Калп эле эшикке чыкканда,
Кошунасын карап күлдү.
Чөнтөгүндө не барын,
Кошунасы кайдан билди.
Туткак кошунасын ойлоду,
Деп билбес жинди.
Жалкпас кошуна жай,
Ишин кылып жүрдү.
А бирок туткак,
Жарыбай каларын,
Кайдан билди.
Эзелтен
Туткак жарыбайт,
Калп арыбайт.
Жалкоо байыбайт,
Айкөл тарыбайт ко балдар.

## Эдирең теке

Эдирең сөгүнүп,
Элден укмуш көрүнүп.
Кыздарды кубалап муштапып,

Балдардан кетчүү бөлүнүп.
Укмуш сөз таап алгансып,
Эненди деп сөгүнүп.
Жаман сөздү созанып,
Жакшылардан бөлүнөт.
Шайтан мүнөз шашылат,
Кокочо жерин кашылап.
окчонураак ойноктоп,
Ойун десе ашыгат.
Сабагынан сураса,
Желкесин турат кашылап.
Бирок эдирендеп ээнбаш,
Эдирен теке атыгат.

## Ыйман

Ыйманын бар болсо сен дебейсиң
Ыйманын бар болсо эл жебейсиң.
Ыйманын бар болсо бүт эл сүйөт,
Арам оокат ашыкча жем жебейсиң.

Ыймандуу көп жерде ырыс болот,
Ыймансыз көп жерде уруш болот.
Ыймандуу көкүрөк улук болсо,
Ыймансыз көкүрөк туюк болот.

Ыйманы качкандар жегич болот,
Ыймандын үлгүсү жемиш болот.
Ыймандын чүмбөтүн кийген жандын,
Ичи эмес өзү ыйман демиш болот.

Ыйман бул көөнү сак наристедей
Ыйман бул көрүнбөс периштедей.
Ыйман бул адамдын сулуулугу
Ыйман бул адамдын улуулугу.

## КУПЛЕТ

Э

Элестейт экөөбүздүн
Элдердей эшигибиз.
Эстүү элен элпек элен
Эсмасмын эстей эстей.

* * *

Энекем энем жер энем
Атакем атам аба атам
Экөөсүз өмүр болобу
Атайлап андан карасаң.

* * *

Экчелип эчен эчен
Элдердей эпен этем
Элине ээлик этчүү
Эгем эстеп этсин эсен.

К.

Кыярып калдым кантем.
Качырып кубатымды
Карылык кубалашып
Куйкалайт кубарымды.

Кел жаңы жыл Ноорузум

Кел жаңы жыл Ноорузум
Атыңа затың жарашкан
Жыл жаңырып жер көөп
Наристе жыттуу баластан.

Жер энем көпшүп жарылып,
Жыл төрөлүп жаңырып.
Ымыркай жашыл көктөмгө
Көктөн сүт агат сагынып.

Баарыга жаштык алып келген,
Жаз жаңы жыл төп келген.
Жаңы жыл шаани керүнөт,
Жарашып чыккан көктөмдөн.

* * *

Акылсыз аял аңги болот,
Анан эри паңги болот.

Эссиз келин ит минет,
Эстүү келин иш билет.
Бакыттын эшигин какпай
ишин тап.

Апты жер берет
Атакты эл берет
А жаратканың дем берет.

Көп окуп көптү билсе
Мээ машыгат.
Көпчүлүк кошшуганда
Эл маашыгат.

### Марш

Бир эки үч
Бир эки үч
Биз жоокербиз
Баскыла түз.
Бир эки үч,
Бир эки үч,
Мекен үчүн,
Биз эң чоң күч.
Биз жоокербиз,
Эл коргогон.
Ата салтын,
Бүт жолдогон.

Өз тилимди,
Өз динимди,
Жүрөктөгү,
Бүт сүйүүмдү,
Көтөрөмүн,
Туу тутамын,
Кыргыз элим,
Бүт жүзүндү.
Бир эки үч
Бир эки үч
Биз жоокербиз,
Ойубуз түз,
Бир эки үч
Бир эки үч
Биз жоокербиз,
Пейлибиз түз,
Манас бабам
Семетейдей,
Жаныш Байыш
Курманбектей
Баба жолун
Ага жолун
Биз жолдойбуз
Биримдиктей
Бир эки үч
Бир эки үч
Биз жоокербиз
Жолубуз түз.
Мекен үчүн
Ойубуз түз
Алга алга
дагы алга
Чамда чамда
Дагы чамда
Оң бут сол бут
Бирдей карма
Биримдиктей

Бир тегерен
Ойун ондой
Бир тарапка
Бир эки үч
Бир эки үч
Биз беребиз
Мекенге күч
Биз каалайбыз
Биримдикти
Биз каалайбыз
Эркиндикти.
мекен үчүн
Эл жер үчүн
Көтөрөбүз
Бүткүл жүктү.
Бир эки үч
Бир эки үч
Эл жер үчүн,
Жумшайбыз күч.
Бир эки үч,
Бир эки үч,
Мекен үчүн,
Жумшайбыз күч.

## Кай бир аялга

Кайын жакка ийикпейт
Каны сиңип бирикпейт
Төркүнгө ташып төбөлөйт
Ушагы менен тебелейт.
Акыл насаат кептерди,
Баам салып элебейт.
Түштө турат темселеп,
Убакыт өтөт эртелеп.
Ал окшогон ургандын,
Күйөөсү кетпейт өйдөлөп.

* * *

Оо теңир жаратканым бүт ааламды
Жараттың жакшыга бир жакты аянды
Көрбөгөн көр пендебиз жол улаган
Айрыбай бул дүйнөдөн ак караңды.

Жар болгон жапоо берген жаратканым
Кечиргин кокус болсо адашканым
Бүт аалам сенин энчиң ээлигинде
Күн өтө сезем сага бараткaным.

Сүйөмүн Инжил Тоорат, Куранынды,
Тактыкты, арууулукту, осматынды.
Бөлбөсмүн үч китепти үч башкача
Табарик андагы сөз тарбиялуу.

Үчөө тең онго деген чакырыктар
Үчөө тең алламсүйгөн алты улуктар.
Үчөөнүн сонун сонун үлгүлөрү
Элиме кереги бар мыйзам тутар.

Элдерди эки бөлгөн эң бир жаман,
Бөлүнүү жакпайт дешет жаратканга.
Оо теңир жаратканым улуу аллам,
Кечирчи жол көрсөтчү адашканга.

* * *

Кадырын жардын биле албай,
Каадалуу өмүр сүрө албай.
Махабат кандай экенин,
Маңыроо башы туя албай.
Сүйдүм десе биреөлөр,
Сүйрөлөт экен уялбай.
Бүлөсү туруп билгилик,
Баласы турса үй күтүп,
Махабат артып күйгөн бар.
Биреөгө башын ийген бар.

Алмаштырып баласын,
Жаш болуп жанып күйгөн бар.
Кызындай болгон немени,
Жар кылып жашап жүргөн бар.
Акылы айнып болсо да,
Жаштыгы болсо болду деп.
Ал небересиндейге үйлөнөт,
Карганын билбей калжактап,
Жаштарды карайт тизмелеп.
Андайга тийген кыз келин,
Акчасы эле керекпи.
Ата-энеси да алат,
Алардан келген белекти.
Теңдүү болбос Махабат
Тентип кетип баратат.
Курбалын билбес махабат,
Куурап кетип баратат.
Же кыздары пангиби,
Же эркеги ангиби.
Замачан кетет заң болуп,
Кыз балдар турса кор болуп.
Кыздардын саны аз болуп,
Келечек кесир шор болуп.
Оо адамдар кай бирлер,
Кесир урган жандимдер,
Калбагыла кор болуп.

## Кир

Эл кадырын туйбаган,
Бийлигин кир.
Арамдыктан жыйнаган,
Байлыгын кир.
Оюу талаа көздөсө зайыбын кир.
Ушакчы ууру көп болсо айылын кир.

## Ушундай элек

Уул-кызды бирге өстүрдүк
Бул жашоодо беш күндүк
Этибар албай сүйлөгөн,
Жок эле сенде кекчилдик.

Тууганга туура сүйлөгөн,
Душманына тийбеген.
Кең пейил жагың бар эле,
Бөлөктү өздөй үндөгөн.

Айкөл ачык шар элең
Адал өмүр бир сүргөн
Эмгекке бышкан сен элең
Бардык ишке үлгүргөн.

Балдардын болсоң билеги
Ырымдын элең тиреги
Чейрек кылым жашаган
Жарымдын элең жүрөгү.

Баатыры болуп атанын
Бапестеп туура чоңойттуң.
Адам болсо экен деп
Кан жанынды короттуң.

Баа жеткис жаштык чактарды
Балдарга бердик экөөлөп
Калтырбай ар бир баланы,
Окуттук шаардан жетелеп.

Кастарлап кыздай тутунган
Канат байлап учурган
Алыстан келсем камынып,
Чыкчу элең тосуп тушумдан.

Баалуу нерсе турбайбы
Башыраштын бир жүргөн
Каадалуу нерсе турбайбы,
Карганча өмүр бир сүргөн.

## Жаш келиндерге кеңеш

Казан табак таза болсун,
Кылган ишиң мазаа болсун.
Шапа-шупа иш кылып көн,
ар бир иштин таап ордун.

Калтыраган чоркок болбо,
Сөз таба албас коркок болбо.
Бирөө сени буруп ийсе,
Ооп кетпе оңго солго.

Таап баскын турмуш жолун,
Түк жашырба түптүз ойуң.
Бейпарасат болбо ириде,
Берекелүү болсун колуң.

Кайын журтуң өз журтунда да,
Кичик болгун эч тымпыйба.
Ар ким өзүн албан сезет,
Эл алдында көп тыңсынба.

Улуу сөзүн уга жүргүн,
Кулу болбо этсиз тилдин.
Кубалашып жомок болбой,
Жакшысы бол, барган үйдүн.

## Күйөө балдарга

Күйөө бала өз баладай элесин
Жарың экөөң бирге сүзгөн кемесин

Өгөйлөсөн өгөй кылып койуш бар.
Кайын эмес тууган ата-энесин.

Эр жигиттин үч журту бар жашоодо,
Бири кайын, бири тага өз журту.
Куштун дагы учса канат куйругу,
Жерге түшсө таяп коёт өз буту.

Телегейин тегиз көргөн эр дешет,
Антпесе анын бир акылы кем дешет.
Эл-журт менен адам жашайт эр болуп,
Элден чыккан жашайт имиш кор болуп

* * *

Кызын алдың бирөөнүн,
Ал кул кылып берген жок.
Мээриң салып бүлө кыл,
Куштай кылып кош колдоп.

Алганындай куш кармап,
Каалагандай таптап ал.
Бир жыл өтүп калган соң,
Биларман кылып анга сал.

Анда тапка көнбөсө,
Өз билгенин бербесе.
Көөнү менен жактырып,
Көргөнүндү көрбөсө.
Бейпай кылып өзүндү,
Пө-пөлөсөң келбесе.
Тартышып жүрүп өтөрсүң,
Же сен же ал жеңбесе.

### Асылым апам атакем

Асылым апам атакем,
Алтыным анан айымсын.

Ак асман аруу агарткан,
Арымсын анан алымсын.

Алпештеп адам атанткан,
Агарган аппак арзуунар.
Ардактаар анда айынар,
Артындан айтаар атынар.

Акактан аппак апа атам,
Адамдын адамы айтсам.
Асмандан акыл алчерген
Акылман аруу ардактуум.

## Өмүрлүк жолдошум Керимбекке

К.

Күп келген курдаш колтукташ,
Кеңешип келген Кемешим.
Куруган кейишке камап,
Куйкалап кеттиң кантемин.

Кашкөйүм капта кезинде,
Каалаган каада күтчүүмүн.
Куйкалап күйүт кул кылып,
Кубаты кетти күчүмүн.

Канындан калган кубаттар,
Колдошкон каруум күчтөрүм,
Кудайга кулдук, кут кылып,
Канимет, күнэске көчсүн күндөрүм.

* * *

Эрке элем эч нерсени көтөрбөгөн,
Энекем уктап жатсам жөтөлбөгөн.
Азыр мен эркелердин энесимин,
Барк тутпас эч нерсени элтендеген.

Бишкек — 2007

Кыз элем Алмакандын сүтүн таткан,
Ата-энем алмак салмак кучакташкан.
Азыр мен уул-кыздын энесимин,
Модалуу кийбей калса бышакташкан.

Энекем уул-кызын чертпес эле,
Ата-энем айтканымдан өтпөөчү эле.
Мен-дагы көөмүш болдум балдарыма,
Алма ашып сабагынан түшпөс беле.

* * *

Жан элек жаш убактан сыр алышкан,
Тал элек бирге чыгып буралышкан.
Азыр биз зейнеп менен күкүктөйбүз,
Жер үстү, жер астынан үн алышкан.

Гүл элек бирге, ачылып урук чачкан,
Тан элек талыктырбай эмгек ачкан.
Бүгүн сен өшөлордон арман курап,
Жадыма жазып кеттиң бүтпөс дастан.

Пул элек балдар үчүн ойноп чачкан,
Туу элек балдарыбыз кармап баскан.
Азыр мен жарат алган канаттуудай,
Дарманым кетип турат канат каксам.

Өзүң жок сыр төгүшүп бугум чыккан,
Ээнсийим эшик-ээликке кирип чыксам.
Жашыймын жашый берип жадап бүттүм,
Куса ойнойт жүрөгүмдү мыжып тыткан.

Ич күйөт кезинди эстеп мээрин чачкан,
Түш кана сооротконсуйт уктап жатсам.
Каралайм кандан бүткөн балдарыма,
Оо шүгүр, өшөлор бар жардым жазган.

* * *

Биз макулук астыңы андап көрбөгөн,
Эртең денең жуурулушчу жер менен.
Ай, күн аалам, суу табият, мол балык,
Оо бир кезде коштошоорбуз сен менен.

Ага дейре алпурушуп жел менен,
Уул-кыз багып көр оокат деш дембе дем.
Биз адамдар ошон үчүн адамбыз,
Өөдүк сөөдүк өйдө, ылдыйды көрбөгөн.

Адам ач көз, айкөл жана саранбыз,
Жер үстүндө желбеңдеген караанбыз.
Бирин бири баркtап күтүү же бут тосуу,
Кызыгы жок бул дүйнөнүн ал ансыз.

* * *

Эй, эй байым жоктугума күлбөгүн,
Балким ушу жаңылыштын жүрбөгүн.
Жагаар элге, Жаратканга жактырса,
Адал аппак аруу болуп жүргөнүм.

Сезип койгун Сенин атың өзүңдө,
Суу ичсем да укук менин өзүмдө.
Бекер жерден Бере албайсың аш салып,
Кете албайсың байлык менен данкталып.

* * *

Эл байыса мамлекет байыйбы,
Калпычылар элди жесе тарыйбы.
Байлык менен алп урушуп көз ачпай,
Ач көздүктөн аруу сезим тарыйбы.

Минтип сийлойм аруу болсо адамдар,
Жан дүйнөсү байып кетсе жарандар.
Илим, билим, чындык болсо айланаң,
Жаңы жай таап жоголушса арамдар.

Анан байыйт мамлекет казына,
Айлана да тунук болот тазара.
Кенкелестик келечекке жукпасын,
Кандан кетсе кара болот бала да.

## Опон үчүн бок дүйнө

Айланам сасып кеткен,
Сасыктар көп.
Намысын арын таштап,
Ачыккан көп.
Мелтиреп мен дегенден,
Уялышпай.
Шайланат Эл мүдөөсүн,
Уга алышпай.
Андайлар жоголсочу,
Чубалышпай.
Калжалактабай кайсы бир,
Уламыштай.
Биринен бири кыйын,
Тил алышпай.
Эл болуп эрип кетет,
Элдик киши.
Өзүнөн артык болот,
Элдин иши.
Жараткан сүйгөндөрдү,
Эл да сүйөт.
Жаратканын сүйгөндөр,
Эл деп күйөт.

* * *

Ууланган укуругун,
Узун таштап.
Ушакчылар калпты каалайт,
сүйлөп какшап.
уурулардан уялып,
бүтмөй болдук.

Акча малдан көрүнүп,
бекем сактап.
Секелектер сербейген,
бечаралар.
Сүйүүнү алар толуктап,
түшүнсөчү,
Отуруштар вечерлер,
мода болду.
Түшүнүктүү өтүлбөй,
түнкү кечи.
Граммдарды модага.
айландырды.
Капыбызды көндүрүп,
байландырды.
Келечектер кеңгирең,
зангирешип.
Кай тарапка баратат,
паңгилешип,
Туругу жок турмуш көп туйтундашкан,
Аял эркек ыймансыз,
Жулкулдашкан.
Чал кемпир да жалганы,
аз калганда.
Жаман ооз сөз айтып,
кулжуңдашкан.
Үй-бүлөсү балдары,
жайнап турса,
аял эр бар бөлөкө,
кыйкылдашкан.
Бузулган бар калкынан,
аша чапкан,
Белчесинен арамга,
Эрип баткан.
Бир эл эмес
дүйнөнү солкулдаткан.
Калпычылар жан кечти,
амалкөйлөр,

Жалган ипчи тууганчыл,
паракөйлөр.
Көзүм ачык дегендер,
Көрөгөчтөр.
Кан соргучтан каадасы,
кем эместер.
Ооруларды андыган,
оңбогурлар.
Түк ылайым жолуңар,
болбогулар.
Силер барда айланам,
сасып турар.
Жараткандан коркпостон,
аброй кармап,
Кичине байыгандар,
киши жалдап,
Чалдар да көпкөнүнөн,
токол алмак.
Кемпирлер кемпендешет,
кийим тандап.
Оозунан насаат чыкпай,
арак чыгат.
Балдары киши өлтүргүч,
Жинди сымак,
Замана салк-солк этет,
Араң чыдап.
Нарко зат наз бастырат,
Кытыгылап,
Жең ичинен желмогуз,
киши сымак.
Акырын акча үчүн,
ташып турат.
Бок дүйнө аралашкан,
Жинди кылат.
Насибесин арам адал,
сага сунат.
Айланаң жегич болсо,

бок эмеспи,
Арамдан табылганы,
былгып турса,
Жанында жиндегендер,
ылжып турса.
Курсагы тойгондору,
ыңкып турса.
Ачтары арсайышып,
мүгдүп турса.
Калыстык каргыш уруп,
качып турса.
Жонундан калпычылык,
басып турса,
Ошентип бок дүйнө да,
анан эмне.
Айланаң аңкып турбай,
сасып турса.

## Ыраазы болуп ырдадым

Кыйындар көп элимде,
Көтөрүшкөн демилге.
Өз тилиң сонун эмеспи,
Көркөм сүйлө эринбе.

Англис, орус мода эмес,
Баба тилиң турганда.
Ээ болгонуң бекер да,
Эгемен деген жыргалга.

Чечкиндүү жанга рахмат,
Тилимди кайрып бергенге.
Өз тилин чанган өңгөдөн,
Шерменде чыны шерменде.

Кыргызча болуп жазмалар,
Ыракмат айтып жыргадым.
Тил жактан чүнчүп жүрчү элем,
Ыраазы болуп ырдадым.

## Неберем Дилайханга

Бөлөк өстүң тай атанын колунда.
Сакталуусун өз уруундун ойунда.
Чоңойорсуң биз турабыз бар болсок,
Бөлөк элде бөлөкмүн деп коруңба.

Кыял башка, турмуш башка шарт башка,
Ыйман берсин, сүйүү берсин ар жашка.
Ата-энеңдин кудурети жок окшойт,
Кечиришип кежирликти кармашка.

Мейли эми чоңойо бер, өсө бер,
Ал Жак сага акыры — бүлөө Эл.
Төркүндөрдүн койну ачык эс тартсаң,
Чочулабай төркүн кылып келе бер.

* * *

Атыр аңкып гүлдүн сонун жыты бар,
Дарактын да шуу-шуу эткен ыры бар.
Мөмөлөр да мөлтүрөшөт көз ымдап,
Биз билбеген балким укмуш сыры бар.

Жердин дагы жети катар жери бар,
Бизди сүйгөн эне сымак деми бар.
Кандай болуп жер алаамат кылуучу,
Биз туйбаган тамчынын да сели бар.

Сыйкыр дүйнө сырын төкпөй жаралган,
Сыйкырына илимпоздор таң калган.

Мен керпенде, сен да мендей керпенде,
Сыр алышып сезбегенин армандан.

### Айрым кызга арноо

Мода кууп чыртыйып,
Жигиттерге кылгырып.
Тартиптесе апасы,
Тура берет тымтыйып.

Көрүнтүп бүт денесин,
Жашырат биртке немесин.
Эси жок кыз эрдемсийт,
Сындырып ата-энесин.

Шылдыңды билбей сүйүү дейт,
Шылуун итти билги дейт.
Шылкынке кызды көргөндө,
Бүткөн бойун дүркүрөйт.

Жашабай согуп шараптан,
Чылымдан эси адашкан.
Кынalып турса жигитке,
Уяласын караштан.

Билбесе сырын турмуштун,
Жакшыны көрүп тырмышсын.
Көмүлсүн өтө жамандар,
Булгабай атын — Кыргыздын.

* * *

Эй эринчээк, эринчээк,
Иш кылуудан зеринчээк.
Алыпкел десе апасы,
Шылтоо кылат азыр деп.

Окулбай калат сабагы,
Бүтпөйт анын «ананы».

Иш кыл десе ирээнжип,
Үтүрөйөт кабагы.

Оюн десе ат койот,
Шоколадка тап койот.
Сабакка көп катышпай,
Классында жоктолот.

### Суроо жооп

– Аида сен неге көп уктайсың?
– иш жок
– Жок жардамдашчы акча төлөйүн
– Билбейм да
– Үйрөтөм
– Башым жетпейт
– Аракет кылсаң
– убактым жок.

Тантык агай сабак өтөт,
Сасып турат оозу да.
Сөздү билбес сөгүү чыгат
Ыйман сабак окууда.

Ушакчы агай сабак өтөт,
Ар кимдерди сындаган.
Ар баланын ата-энесин,
Ушак менен булгаган.

Жалкоо агай сабак өтөт,
Жакасы да түз эмес.
Үй-бүлөсүн баштай албайт,
Окуучусу биз эмес.

* * *

Эки оозунан бир оозу,
Эненди деген балдар бар.

Эки оозунан бир оозу,
Атанды деген карган бар.

Уяул ишин жакшы деп,
Кыйынсынып дардандаар.
Эне-ата эмне билбеген,
Айбандар өтө айбандар.

Сөз кадырын түшүнбөс,
Эненди деген эмне сөз.
Аңырандаган айбанча,
Атанды деген эмне сөз.

Сасыган оздон буксүгөн,
Сөз чыгат деген макал бар.
Аны да билип түшүнбөс,
Жаралат тура салбарлар.

Адамды жаман тил булгайт,
Тилиңдин кулу болбогун.
Ачууңу байлап акылга,
Өз абийрин коргогун.

* * *

Күйөөсү кууй берди
Аялы тууй берди
Уул-кызды тогуздады
Оокаты богуздады
Бири кууп
Бири туун.
Күйөөсү ачууланды
Аялы ачуурканды
Уул-кызы мүңкүрөдү
Чыга албай күлкүлөрү.
Бирөө сүйгөн
Бирөө түйгөн
Балдары чая болду
Эккен дан пая болду

Болом деп баатыр эне
Болду ал каапыр эне
Же сүйүүбү?
Же күйүүбү?

## СУРОО ЖООП

– Айнаш кызыңды эмне турмуштан чыгарып алдын?
– Күйөө балам катуу ооруп калганынан.

– Зыйнат сен неге келиниңди кетирдиң?
– Баламдын башын үйрүп алганынан.

– Сен эмнеге жакшы күйөө баладан кызыңды ажыраштырдын?
– Күйөө балам же бир туугандары же менин кызым менен жашасын деп.

– Нургул күйөөдөн неге ажыраштын?
– Мужик эмес экен.
– Апей ботом мужик эле го.
– Мужик эмести билбейсизби, папирос чекпейт, арак ичпейт, отурушка барбайт. Ата-энесинин тилинен чыкпайт.

– Кубат сен неге көп ичесин?
– Көрүп турбайсынбы көп кайгырам, акчанын баарысы аракка кетип жакырлыкка жеткем.

### Тоолуктарда

Тоого чыккан миң ирет — лифтиси жок
Тунук сууга көрүнгөн — күзгүсү жок
Тоолуктардын денеси таштан чымыр
Бышып бүткөн оокатка — чийкиси жок.

Тоого сайма сайылат ийнеси жок
Сүрөтчүсү кистиси чиймеси жок
Тоолуктарды көр тирлик эч тындырбайт
Отпуска же дем алыш күн дечү жок.

Айран кымыз ичишкен кошмосу жок
Ээн жайдак сүйлөшкөн ноктосу жок
Бир сөз айтсаң айылда тарап кетет
Акча төлөп жумшаган почтосу жок.

## Алым сабак

Өктөм уулуна, кызына карап акыл айтты:

– Балдарым Балтабектин баласын, кызын карачы идиректүү эстүү оокатка бышык.

– Ата билесизби Балтабектин ким экенин. Уулун кызын окутуп үйлөп там сатып берди дептир.

* * *

Жалкоо кызы менен баласын
Энеси эрте ойготуп.

– Балам тур, эрте менен периште жүрүп ырыскы чачат имиш силер да кур калбай алып калгыла, эрте туруп жүргүлө десе уулу:

– Апа сиз ушул убакка дейре канча ырыскыны алып элден оздуңуз дейт.

* * *

Адеп текилдеп апасынан сөз талашкан кызына апасы.

– Билип билбей эле талаша бербечи дейт. Анда кызы:

– Азыр өз билгенин айткан айкындуулук да дептир.

* * *

Эне кызына карап көп баспа кызым, көп баскан аяк бок басат десе.

– Көп баспасам көпкөн жигиттер кайдан көрсүн дейт имиш.

## МАКАЛ

Санаага алдырган Адам,
Куурап барып оңолгон даракка окшош.

Мектеп периштелер үйү,
Коомдун башталгыч түйүнү.

Акылга бай адамды тегиз карайт,
Акчага бай, адамды терип карайт.

Күйүткө күүлгөн,
Акылы бүлүнгөн.

Адамдын ким экени,
Аласа береседен ачык көрүнөт.

Акылсыз тойсо.
Аш кылгандан зеригет.

Бирөө ичтен көбөт,
Тымызын ичкен маска окшоп.
Бирөө сырттан көбөт,
Нак он сегиз жашка окшоп.

Жакшы болсоң кошунаң,
Жамгыр жаап өткөндөй.
Жаман болсоң кошунаң,
Суусуз калган көктөмдөй.

К

Кыргызым калыс коншучул,
Кыргызым көпкө көңүлдөш.
Калыстап көрүп карасак,
Калк кана кечээ көрүнбөс.

Кыргызды күлкү коштосун,
Кыргызга кайгы коппосун.
Көңүлкеч көөнө калкымды,
Колдоочум коштоп колдосун.

### Өзгөрүшүм
*(тамаша)*

Өзгөрүшүм өзүм сүйгөн кыштагым,
Эң сулуусуң сени сүйгөн өзүмө.
Жадагалса коко тикен, ит уйгак,
Камгагың да жылуу учурайт көзүмө.

Татынакай Өзгөрүштүк өз элим,
Ууктурган ушакчың да сүйкүмдүү.
Жадагалса урушушкан, алдашкан,
Айылдагы итиң менен түлкүңдү.

Базарың бар түркүн сатык келишкен,
Соодагер көп, арак жасап көнүшкөн.
Жакаларың жайлуу, чөптүү, эгиндүү,
Жалкоолоруң зериккенден тебишкен.
Өзгөрүшүм өзүм сүйгөн кыштагым
Жакшы чыксын уул-кыздарың.

Б.
Барктуу болгун балдарым,
Бийлик байлык башка бул.
Бактуу баштуу бек болуп,
Билип баарын баштай бур.

Бала баштап бактым бек,
Баарыңы баалап берилип.
Баркым билсең билбесең бу,
Бактымсыңар баарың бүт.

С.
Сүйдүргөндөр сүз сүйлөп,
Сүйгөндөрдү сүрдөнтөт.
Сезимге сээп санааны,
Сүйүү, сүйүү сүйрөлтөт.

У.
Ушак уулап узданат,
Ушакка уста Уулкан.
Уйпаланып урушат,
Ушагына уукан.
Уят, уят ушусу,
Укпайт ушу уялбайт.

Ө.
Өмүрүн өргөлөйт,
Өргөөндө өкүмдөр.
Өйдөлөп өкчөндөп,
Өрүшүн өсүмдөр.

Самаайы саксайган,
Садаган сарымсын.
Сүйдүрүп сагынткан,
Сабасы сагынычтын.

## КУПЛЕТТЕР

Какса мени, катуу айтса тууганым,
Барктабаса кыздарым менен уулдарым.
Тирүүлүктө арзыбаса алганым,
Өлгөнүм соң ыйлабасын — ырдасын.

Мейли кыркта, алтымышта, жүздө бол,
Алды жагын эч ким билбес тунгуюк.
Өмүрүндү жетелеген үмүтүн,
Бул жашоонун кумарына кул кылып.

Багат эне баласын,
Калкалантып канатын.
Жадакалса тартуулап,
Дем алып турган абасын.

### Макал

Жаттоо манкуртчулукка,
Аламандык бейбуртчулукка.
алып барат.

Ичкилик ичкен чанда мас,
Байлыкка кѳнкѳн кѳнде мас.

Жылкы кыялдуу жыргатпайт.

Ыркырашсаң ыдырайсың,
Ырыскың кетсе кыбырайсың.
Жүрөгү малдай адам малча,
Жүрөгү куштай адам кушча сүйөт.

* * *

Ата-энемди биле албасам,
Биреөнү аруу сүйөө албасам.
Сөз торкунун туя албасам,
Кумар алып мээр чачып
Бала, жарды күтө албасам.
Из калтырып түйшүк тартып,
Бул турмушка түтө албасам.
Киши сыйлап, сыйын көрүп,
Даамдууну иче албасам.
Кыргыз сөзүн атак-даңкын,
Туу көтөрүп тута албасам.
Аруу жүрүп жерин сүйүп,
Арамдыкты түрте албасам.
Адаммынбы?
Кыргыз элге жаранмынбы?

* * *

Алланын периштеси,
Ал сүйөр аруулукту.
Жан дүйнөң таза болсо,
Аллам берген улуулуктур.
Аллага тилиң эмес,
Эң обол дилиң жетер.
Ал сенин жан дүйнөңдү,
Миң ирет тинтип өтөр.
Сыртыңдан шайтан түртсө,
Ичинден периште күт.
Өзүңдү жетелеген,
Жадыңда бар чоң үмүт.

## Ит

Айылдын иттери үрүп жатты,
Жанын сабап, ав-ав авалап.
Көрсө аркы айылдан ээсин ээрчип,
Төрт көз дөбөт келатыптыр.
Эшик эшикти андый сагалап,
Анда-санда коркуп,
Элеңдеп ээсин карап.
Иттердин кээлери тийе албай,
Үрүп-үрүп тим болуп жатты эле.
Төрт көзгө бул көрүнүш,
Аябай жакты эле,
Аңгыча ошол айылдын чоң баш дөбөтү.
Төрт көздү көрөт,
Бул иттин ээси бардар неме эле.
Түрдүү ашка тойгон чоң баш дөбөт,
Талашаарга жоо таппай,
Турду эле эч нерсе жакпай.
Талап кирди төрт көздү,
Бир, эки эле каппай.
Айылдын ажаан иттери,
Турушчубу карап, жете келишти.

Коюшту байкушту,
Кептеп талап.
Ээрчиткен ээси,
Терт көзүн көрүп,
Бапын чайкады.
Иттердин ит экенин байкады,
Ит болбосо сыйламак.
Айылдан барган итти,
Бөлбөйт эле да жикти.
Ал айылдык, бул айылдык деп,
Талашпайт эле го тек.
Ошон үчүн айтат тура,
Итти — ит деп.

## Апакем аруу жаным айланайын

Апамдын аруу сүйгөн сүйүүсү ай,
Аралап магдыраткан бүт денемди.
Азыр мен ошол күнгө кайтпасыман,
Бир сезим өрттөп кетет ичтейимди.

Бүт ою, жан дүйнөсү мен деп соккон,
Сатыгы алгоосу жок тунук сүйүүн.
Эркелеп энөө өскөн кайталангыс,
Ошол менин бала кезим улук күнүм.

Сөз жетпейт өзүнө не тенебейин,
Ыр жетпейт кандай ырды ырдабайын.
Алпештеп Адам кылган акыл берген,
Апакем аруу жаным айланайын.

## Сен жүрөсүң балдарда
*(тамаша чыны аралаш)*

Эшигимде кой, уйларга чөп салып,
Кыймыл кылып жүрөт сенин бир колуң.

Кай күндөрү тийип менин жиниме,
Үтүрөйүп үйгө кирет бир колун.

Буурakandап көр оокат деп чамынып,
Айылдардын бир бурчунда бир бутун.
Бала багып, башын кагып агылып,
Бир айылда шилтенгенсийт бир бутун.

Көрөгөчтүк акыл ойлоп амалдап,
Көзүң жашайт бир шаардын ичинде.
Бүткүл мүчөң мага калган өңдөнүп,
Аллахыма тоба кылам ичимде.

Баары мени сүйүп таазим эткенсийт,
Үрөндөрү үрөндөрүн сепкенсийт.
Сенин мага өзгөчө бир караган,
Махабатың асманга учуп кеткенсийт

* * *

Атасын барктап туйбаган,
Аламын деп кыйнаган.
Апасын андап туйбаган,
Ойноймун деп кыйнаган.
Адыраң кызы Айнагүл,
Кечечил болду тынбаган.
Кечеге барат чоюлуп,
Туфлиси жерден оюлуп.
Жигиттерди көргөндө,
Көздөрү кетет коюлуп.
Борсое түшсө курсагы,
Тийип алат док уруп.
Ал ажыраша не кылат,
Алимент деп док урат.
Олжоке кыздын кылганы,
Ата-энеге чоң уят.

## Мен кушту жакшы көрөм

Мен кушту жакшы көрөм,
Экиден кубалашкан.
Тынчтыкты, бейкуттукту.
Сайрашкан айтып дастан.

Мен кушту жакшы көрөм,
Жумурткалап уя баскан
Сарооз балапанын,
Бапестеп учурушкан.

Мен кушту жакшы көрөм,
Менменсип тепкилешпейт.
Көзү жок көр дүйнөнү,
Ачтанып энчилешпейт.

Мен кушту жакшы көрөм,
Ак жүрөк, баё жүрөк.
Татына таранышат,
Бөлөктөй калбайт жүдөп.

Мен кушту жакшы көрөм,
Бейиштей бийиктик бар.
Мен кушту жакшы көрөм,
Ак пейил улуктук бар.

* * *

Мотурайган ичи таза бөбөктөр
Көздөрүнөн байоо куштай нур чачкан,
Мойунуна азгыртмалуу жүк артып.
Шайтандарын болбосо экен учкашкан.

Опсуз неме өзү менен ээрчитип,
Оозантпасын жаман ооз сөз менен.
Эссиз неме ээнбашка үйрөтүп,
Каратпасын ачынган ач көз менен.

Тунуктугун түгөл кармап кала бер,
Периштелер сенден үмүт үзбөсүн.
Оопасыз бир бул дүйнөнү булгаган,
Арамдыктар түшүнө да кирбесин.

## Жалкоо короз

Мээнет тарткан мекиendar,
Жазда жумурткалап.
Жайда басып калды,
Күрп болуп жатып алды.
Короозум эшикте жүр,
Багып жанды.
Кошунанын мекиндары,
Айылдап келет.
Ээн калган короону,
Кечке чокулап тебет.
Кошула калган корозум,
Аларды ээрчип кетет.
Түнөп да калат,
Короздору коет сабап.
Келет башы көзү канап,
Келбей калса кээде.
Бөлөк түнөөдөн алып келем,
Жемин чачып берем.
Ошентип жыйырма күн өттү,
Антип минткичекти.
Жөжөлөр да чыкты,
Мекиндар турду.
Силкип талыган бутту,
Жөжөлөрүн ээрчитип.
Тепкилеп, чокулап туш-тушту,
Куп-куп-куп-куп.
Өзү жебей тапкан куртту,
Жөжөлөрүнүн оозуна салат.
Алек болуп оокат издеп,
Корозду койбоду карап.

Кетти окшойт анан короз тажап,
Кайра эле кошунанын инкуваторуна
Кетти каалап,
Анткени алар,
Жумуртка баспайт.
Күрп болуп жатпайт,
Жөжөсүн ээрчитип алып.
Корозду чокуп какпайт,
Оңойлукка көнгөн короз.
Нени ойлосун,
Ошого эле жетет да башы,
Ошон үчүн короз да аты.

* * *

Тарбиясыз келин,
Тажаткан текшерүүчү.

Жалкоо жатып ичкенине,
Кызганчаак катып ичкенине маашыр.
Тышкы байлык бок дүйнө,
Аруулугуң ак дүйнө.

Жүрөнөөк адам,
Жүгүргөн дөбөт.

Итаякка ап куйса,
Эки дөбөт талашат.
Эки айбанды баш койсо,
Эл жүрөгүн канатат.

Капчыгы толонун,
Каадасы күчтүү.
Майнабы чыкпаган сөз,
Мас болуп уктаган көз.

Балаң баалабаса,
Келиниң кенебейт.

Пейлиң оңолбосо,
Үйүң кеңейбейт.

Эси жок тойсо тобоосун унутат,
Эл башчы көпсө элин курутат.
Сөздү баалаган сөзгө жыгылат,
Элди баалаган элге сыйынат.

* * *

Издедим келин идирек кыздан болсо деп,
Карганда мени кызымдай болуп сыйлаган.
Тилеймин келиним балама шайкеш болсо бек,
Уул-кыздуу болуп, ысышып жашап суубаган.

Карынын көөнүн калтырган жаман ириде,
Тил кайрып турса, тикчие карап түрүнө.
Күйөөсүн кагып, балдарын каарып бакырып,
Жүргөндөр курусун бүлүктү салып үйүнө.

**Эссиз болсо келини**

Ысып, ысып делбиреп,
Келин, келин келди деп.
Келинди да аласың,
А кокус, эссиз болсо келиниң.
Эсебин өзүң табасың.
Ар ким айып кое албайт,
Алтындай болгон баласын,
Эгер акмак болсо келиниң.
Аңтарылып каласың,
Келээри менен билем дейт.
Бөлүнөм деп убай жейт,
Анда-санда каалгып,
Жактырааары билинбейт.
Кайнененин жүрөгү,
Каканактап зирилдейт.
Кайнененин кылганы,

Канча да болсо билинбейт.
Баласын бөлүп кызганат,
Баласы болот кыжаалат.
Энесин кагып сурданат.
Энеси болот кыжаалат.
Түртүп койсо күйөөсү,
Ал энесинин күнөөсү.
Кагып койсо күйөөсү,
Ал атасынын күнөөсү.
Үйдөгү сөздү сырт угат,
Микрофон койгондой.
Кекээр сүйлөп чарт кетет,
Келечегин ойлонбой.
Тиштенип эри тим болот,
Мына эми деп онолот,
Анан төрөп алат эки, үчтү,
Алиментке тоголоп.
Айтышкандан пайда жок,
Биле албай эсиң жоголот.

* * *

Тобоо дейм ушунума,
Берген ушу жугумуңа.
Өзүмдү коштоп турган,
Нысап деген улугума.

Түртөмүн арамдыкты,
Ал жолду тандап алгам.
Алдансам алданаармын,
Жагат мага алдабаган.

Арамдык жашоо түгөт,
Арамдык жаман ниет.
Арамзаа көздөрү бар,
Аларга булар кирет.

Жалган сөз, жагымсыз кеп,
Ууру сөз, уятсыз кеп.
Жалаакөр, амалкөйлөр,
Жагымсыз жасакерлер.

Эл каныи эптеп ичкен,
Мителер жеген ичтен.
Митайым мыкырайып,
Бирөөгө ач көзүн тиккен.

Уурдаган адал мүлктү,
Тоногон бүт элдикти.
Жашыруун жарманкедей,
Жайылткан бангиликти.

Арамдан акча тапкан,
Көпкөндөн аша чапкан.
Ак жерден айып артып,
Кара өзгөй жалаа жапкан.

Дүйнөгө кедерги жүк,
Ушуга окшош адамдар бүт.
Өрттөсө күлүн күбүп,
Калтырбай караанын түк.

Арылат эле заман,
Булганыч бузуктардан.
Жол улаар келечектер,
Ак жүрөк улуктардан.

### Тамашаизм

Байларга коммунизм,
Ортолорго социализм.
Кай бирлерге капитализм,
Кургурга кул ээлеөчүлүк.

Ичкичке манкуртизм,
Сойкуга бейбуртизм.
Амалдуугa бейкутизм,
Опентип ар башкача.
Сенин жүзүң,
Менин жүзүм.
Сактай көр деп кетемин,
Мода кууп жаштарым.
Болтурбаса экен деп,
Жыланаяк общинаизм.

## Сый көйнөк менен Ый көйнөк

Майрамбектин уул-кызы,
Ата-энесин урматтап.
Майрам болсо куттуктап,
Кийгизип турат сый көйнөк.
Ыйманбектин уул-кызы,
Калжаң-кулжаң шарактап.
Ата-апасын карактап,
Сөз сүйлөсө ката таап.
Кагып силкип какшыктап,
Душманына окшотуп.
Кийгизет экен ый көйнөк,
Кийилээрин билишпейт ал,
Кийин өзүнө бул көйнөк.

## Тикен жакшы бала

Тикен жакшы бала,
Жардам берет мага.
Чаңга, ылайга ойнобойт,
Бети колу таза.

Бир айтканым илет,
Тартип менен жүрөт.
Жобуратып сайрап,
Жомокту да билет.

Тикен үкөм кызык,
Күлөм сөзүн угуп.
Сүйлөгөнү тамаша,
Мени сөзгө жыгып.

Баарыңарды багам дейт,
Бейтөлөт сатып алам дейт.
Атам менен апамы,
Жаныма салып алам дейт.

* * *

Алтынчы класстан жетинчиге,
Аничка кыз аран көчтү.
Балжыроон балалыктан,
Байкоосуз бачым өстү.
Ойноок балалыгын чанып,
Обу жок ойсондоп көптү.
Жыя элек жатып эсти,
Мартаба тутуп калды.
Махабат деген кепти,
Наристе жытын чанып.
Чачына атыр септи.
Шайтан шаштыра чагып,
Вечерлеп кетти.
Улгайгандардан укпады кепти,
Сыйкырдуу сүзүп көздү.
Эсине кире элек жатып,
Эрдемсиди эле шашып.
Мерт болуп калды жаш чагы,
Мээсиздер мээлеп атып.

## Балапан куш

Илгери-илгери өткөн заманда бир кемпир чал болуптур. Алар жалгыз уулдуу болушуп, атын Байтурган коюшуп, аны эркинче багып чоңойтушат. Баласы эр азамат болуп жетилгенде, аны алыскы шаарга соода кылып келүүгө жөнөтүшөт. Бала аз жол бастыбы, көп жол бастыбы шаардын базарына жетип, кыжы кыйма базарчылардан башы маң боло эмне алаарын билбей турганда, ар жактан бир боз бала жете келип.

– Аке күчүк аласызбы? Эң сонун Кумайыктын тукуму, илбирс, жолборс алат, түлкү, кекилик алат. Ууга чыгасыз,– деп мактап жактады. Ыңгыранган бала сатармандын көңүлүн кыйбай күчүктү алып тыйынынын жарымын берди эле, ар жактан бирөө аларды байкап тургандай жете келип, өзүнүн мышыгын мактай баштайт.

– Үкөм бул мышык эң жакшы мышык, Манап үйдөгү оокатка тийбейт, таза, тартиптүү, эшикке чыгаарда ишаарат кылып сүйкөнүп, мыёлоп жиберет. Анан эшикти ачып жиберсең, шарт эшикке чыгат да тазаланып келет. Карачы жүнүн калтар тим эле. Үйгө чычкан жолотпойт, алгыр, илгир.

Мунун бал тилине муюган бала мышыкты арткан тенгесине сатып алды. Ошону менен үйүнө келди. Ата-энеси буга аябай наарazы болду.

– Сени соода кылып көнсүн, биз эми карып баратабыз деп сени жиберсек, бул эмнен,– дешти. Баласы эмкиде жакшы соода кылаарын айтып убада берет. Экинчи жолу ата-эне баласын базарга жөнөтүшөт. Бала дагы базар аралап жүрсө бир Адам кичинекей сандыкчаны эки колунун үстүнө салып көтөрүп алып кыдырып жүрөт.

– Алган да арманда, албаган да арманда. Көргөн да арманда көрбөгөн да арманда,– деп жар салат.

Аны көргөн бала аябай кызыгып, баасын сураса сатарман кымбат айтты. Бала ого бетер кызыгып, бар-

дык акчасына кутуну сатып алды. Сатарман кутуну үйүнө барганда гана ачыш керек экенин эскертти.

Ошентип бала үйүнө келет. Сандыкты көргөн ата-энеси терисине батпай кубанышат. Алар Байтурган баалуу нерсе алып келген экен деп ойлошот. Бала соодагердин өтүнүчү боюнча үйүнө киргенде гана сандыкчаны ача баштайт. Кутучадан жыландын башы сорок дей түшөт, Байтурган чочуп кетип кайра кутучаны жапканы жатканда, жылан адамча сүйлөп жиберет:

– Чочуба менден, жаша адам уулу.

Бала өзүн токтотуп, жыланга суроолуу тигилди. Жылан өзүнүн чоо-жайын. Колго түшүп, кантип кармалганын айтып келип баладан өтүндү.

– Мени өз ата-энеме жеткиз. Менин атам жыландар падышасы. Ата-энем мени саргая күтүп кыл кыйбай жатышат. Сен мени жеткирсең каалаганың болот. Сен мени ажалдан алып калдың, ата-энемдин байлыгы, бакыты менмин. Эгер мени аман-эсен жеткирсең, сенин мага кеткен акчаңдан алда канча баалуу, эчким таба алгыс, атамдын сыйкырдуу «Балапан куш» деген шакеги бар, ошону сурагын. Анын жанында алтын-күмүшүң биякта калат, аны менен сен өмүр бою бактылуу болосуң,– деди.

– Анын эмне,– деп сурады бала.

– Бүт айткан нерсеңди ал аткарат. Колуңдан түшүрбөй, жоготпой жүрсөң, ата-энең, үй бүлөң, өзүң өмүр бою эмне керек болсо ошол даяр болот да, бул дүйнөдө бейкам өтөсүңөр.

Бала макул болуп, ата-эне кыңырылып, бирок бирөөнүн баласын ата-энесине жеткирүү жакшы иш деп, баласына ак батасын берип жолго аттантышты.

Байтурган күчүгүн, мышыгын ээрчитип, атын минип, сандыкчасын өңөрүп жыландар падышачылыгына сапар тартты. Бир топ жол жүргөндөн кийин жылан:

– Байтурган менин бир эжем ушул жолдо, жакын калдык, андан ары дагы бирөө бар. Булардан коркпо

менин жытымды сезип, сени аябай антарышат, жытташат. Сандыктын сырты жыпар, чыдап өт,– дейт.

Өпөнтип жыландын эжелерине антарып-текшертип коркпой өтүп кетти. Эми жыландар падышасынын сарайына келди. Кызы айткандай эле ата-энеси эч нерсе жебей, кыл кыйбай эстери оop жаткан экен. Жылан эскертти мени кое бер, бирок эсинде болсун биз бири-бирибизди аябай сагынышдтык. Биз коргошун сымал көлкүлдөп эрип кетишибиз мүмкүн. Ал маалда суу алып келип чачып жибер дейт. Айткандай эле кызын көрүп сүйүнүп, кучакташып жаткан ата-эне өздөрүн жоготуп, эрип баратышты. Бала суу чачып эсине келтирди. Мени алып келген ушул адам баласы деди жылан кызы. Атасы баланы оп тартып жутуп жиберди. Кызы атасынын бул кылыгына наараазы болуп ыйлап-сыктап:

– Атаке бул кылганыңыз жарабайт. Мага жакшылык кылса жамандык кылганыңыз жарашчу иштин,– деп безеленди.

Атасы кызынын чыдамы кеткенинен айласыз кайра кусуп, башын чайкап наараазы болду:

– Атаа балам, айе балалык кылдың. Бир аз койо турсаң, ашкан сулуу жана чыдамкай кылып чыгарбайт белем. Мына эми чала болуп калды деди. Кызы Баланы караса бала мурункудан сулуу, сымбаттуу, болуп көрүндү. Жылан падышасы балага кайрылып.

– Бул жакшылыгың үчүн кандай белек тартуу кылайын Адам уулу деди. Бала жылан кыз айткан «Балапан куш» аттуу сыйкырлуу шакегин сурады.

– Каалашынча алтын берейин албайсыңбы?

– Жок ушул гана керек эле мага деди.

Жылан падышасы бир аз жыйрылып, бирок баласынан эч нерсени аябастыгынан ары карап ыйлап, бери карап күлүп туруп балага шакекти берет.

– Этият болгун, шакектин душмандары көп болот деп достошуп, аран узатып кала берет.

Байтурган өз жерине бет алат. Жолдо келатып бир чети курсагы ачып, бир чети шакекти сынамакка ар түрдүү тамак-аш, мен ойлоп күлгөнгө кыз-жигиттер пайда болсун дейт. Заматта баары даяр болот. Тамак-ашка тоюп, кыз-жигиттердин оюнун көрүп, эс алып бүткөн соң сапарын улады. Жолдон хан кыздарына кезигет, алар сейил куруп жүрүшкөн эле. Арасында Алтын чач атка конгон хан кызы да бар эле. Байтурган алар менен учурашып, чоо-жай сурашып, таанышып калат. Баланын келбетине, акыл-эсине тартылган Алтын чач аны жактырып калат да өзүнүн айылына ээрчип кетүүсүн суранат. Анын аты айтып тургандай Алтын чачтын чачы алтын сымал кубулуп жаркырап туруучу касиети бар эле.

Алардын бири-бирин жактырып калгандыгы жөнүндө кыздын атасына да жетет. Кызын балага бермекчи болгон хан анын ата-тегин, бере турган калыңын, сураштырып жигиттерин жөнөтөт. Бул убакта Байтурган шакектин жардамы менен ак өргөө, кыз-жигит пайда кылып ойун куруп жаткан эле. Хандын жигиттерин катуу коноктоп, хан эмне сураса ошону берээрин айтып, жигиттерди жөнөтөт.

Ошентип хан сураган калыңды берип, ата-энесинин карып калгандарын, мынча жол басып келе албастыктарын айтып, кызды колуктулукка алат. Аялын ак өргөөгө калтырып, өзү хандын жигиттери менен ит агытып, куш салып ууга кетет. Анткени ал кумайыгын ууга алып чыгып сынагысы келет.

Байтурган кеткенден кийин Алтын чач да жөн жатпай кыз-келиндерин алып суу жээктеп сейилге чыгат. Сууга жуунуп жатып бир тал чачын агызып жиберет, кармай албай үйүнө капалуу кайтат. Анткени ага көз арткандар өтө көп болучу.

Чач агып отуруп, ошо суунун ылдый жагындагы хан айылына жетет. Сууга келген желмогуз кемпирдин челегине алтынчач илинип чыгат. Муну көргөн кемпир кымылдап ханды көздөй чуркайт.

– Ханым, ханым, мына бул чач суу башынан агып келди, чачтын ээси же хан кызы, же бир укмуш тукумдун кызы. Бул сизге гана келинчек болууга ылайык ханым,– деп хан башын айлантат.

Хан да ээлигип, ар кимди кызды таап келүүгө буюруп жатканда, мастан кемпир бул жумушка өзү барып келээрин айтты.

– Эгер мага гурмуш курганга 18 жашар жигит таап берсең, ал кызды мен таап келем. Менин сураганым ушул гана.

Хан макул болуп, желмогуз сокусун минип, сокбилегин камчыланып жүрүп отуруп кыз турган өргөөгө түшп келет. Эшик-эликте жүргөндөрдөн кыздын атын билип, эшик кайтаргандардан Алтын чачка киргизүүсүн суранат. Кемпир аларды бал тилге салып атып ичке кирет. Анан келиндин башын тегеретгенге өтөт.

– Мен эмне болсо ошону аткарамын, сага эне катары эне боломун, кызым деп сөз менен аны да жибитип, сырын тартып, ишеничине кирип, Байтургандын сыйкыр шакеги бар экенин да билип алды.

Бир күнү желмогуз кемпир өзүнүн торун келинди көздөй жайды.

– Зериккен жоксунбу, кызым. Күйөөң сени жакшы көрсө жанагы сыйкырдуу шакегин алып калбайсыңбы, көңүл ачалы. Ал күнүгө ит агытып, куш салып, жан жөкөрлөрү менен көңүл ачып жүрөт. Ал эми сен болсо эч нерсе менен ишиң жок үйдө зеригип отурасың деп башын айланнтты. Келин чыны менен кабыл алып, күйөөсү уудан келгенде кабагын карыш салып.

– Сен мени менен ишиң жок, күнүгө ууга чыгып жан жөкөрлөрүң менен көңүл ачып келесиң. Мен зеригип бүттүм, шакекти бир күнгө таштап кетчи деп өтүндү.

Күйөөсү кыңырылып туруп:

– Буга этият болгун, жоготсон экөөбүз тең куруйбуз деп чоң өтүнүч менен суранып, шакекти таштап кетти.

Келин оюндагысын айтып, «Балапан куш» сен менин оюмдагыдай татынакай, сулуу келин-кыздарды пайда кылып, мага түрдүү оюн-шоок куруп берүүндү суранам деп өтүнөт. Ошол замат кайдан-жайдан экени белгисиз көркөмү көз тайгылткан кыздар бийлеп, оюн кура башташат. Муну көргөн мастан келинден шакекти дагы эки күнгө алып калуусун айтат, анткени келин уктап жатканда шакекти уурдап алууну көздөйт. Бирок келин бир күнгө аран алганын айтат. Мастан кемпир шакек колго тийсе баары ал ойлогондой болоруна көзү жетет да келинди алдаганга өтөт.

– Биртке эс алалы, анан ойноойлу. Азыр мен чарчадым магдырап баратам.

Кемпир жата кетти. Келин кемпирдин сөзүн тура көрүп, оюн-зоокту токтотуп өзү да жата кетти. Көзү илинген келиндин артынан келип, ого бетер уктаткан дубасын окуп, колундагы шакекти алат да дароо шакекке буйрук берет.

– Алтын шакек «Балапан куш» азыр Алтынчач экөөбүз хан сарайында болуп калалы. Айланабыз жети катар темир коргон болсун. Дароо айтканындай болот. Акырын дубасын жандырды кемпир. Келин уйкусунан ойгонуп, эки жагын карап, кемпирге алданганын түшүндү.

Ал эми Байтурган уудан келсе эргөө турмак анын орду да жок. Кемпирдин колунан келген иш экенин андаган бала бүк түшүп жатып калды. Шыйпаңдаган күчүгү менен мышыгы ээсинин аягынан бир өтүп, биягынан бир өтүп кошо кайгырышып, анан экөө өздөрүнчө кеңешишет.

– Бизди кандай сатып алып, кандай кылып багып жүрөт. Жардам бербесек болбойт,– деп ээси уктап жатканда экөө шакекти издегени жүрүп кетишет. Шимшилеп жүрүп отурушуп, суу аягындагы хандын сарайына туш болушат. Сыйкырдуу чепти көргөндө эле Алтын чач ушул жерде экенин сезишет да, сарайга кантип кириштин амалын издей баштashат. Ангыча мышык чычкан кармап алат:

– Мен сени жебейин, сен да кӱн кӧр, бирок менин ӧтӱнӱчӱм бар аны аткар. Мына бул ак сарайга чейин ийин казып кир. Аның ичинде мастан кемпир бар. Ал уктап жатканда мурдуна куйругунду салып кыймылдатсаң, ал чӱчкӱрӧт. Сен далдоодон карап тур, чӱчкӱргӧндӧ оозунаң шакек ыргып кетет, сен аны дароо ийиниңе сӱйрӧп кирип мага алып кел, бирок шакекти тӱн киргенде ал. Алар ийиниңди казып бӱткӧнчӧ биз бул жерде жок болобуз.

Чычкан макул болуп дароо ишке киришет. Мышык айткандай кылып кемпирди чӱчкӱртӧт. Байкоосуз чочуп чӱчкӱргӧн кемпирдин оозунан шакек ыргып кетет. Чычкан шакекти дароо илип кетет. Кемпир жер сыйпалап чычкандын ийнин чукулап кала берет. Шакек мышыкка жетет, кӱчӱк экӧӧ сӱйӱнгӧн бойдон Байтурганга жөнөшөт. Жолдон суудан сӱзӱп ӧтӱш керек болуп калган учурда экӧӧ шакекти мен алып ӧтӧм деп талаша баштащат. Кӱчӱк дайыма ырсайып жӱргӧндӱктӧн «ырсай кӱчӱк» атка конгон эле. Аны билген мышык – сен ырсайып баратып шакекти сууга тӱшӱрӱп жибересиң, ӧзӱм эле алып ӧтӧм,– дейт. Бирок кӱчӱк чондугуна салып шакекти ӧзӱ алып ӧтмӧк болот. Ал чындап эле ырсайып баратып шакекти сууга тӱшӱрӱп жиберет. Ал мышык астында кӱнӧӧлӱ болуп, сууга кайра-кайра чумкуп, шакекти издей баштайт. Калтырып ӱшӱгӧнӱкӧ карабай суунун тӱбӱн бӱт тинтет. Таппай айласы кеткенде жакын жердеги балыкчыларга бармай болот:

– Жӱрӱ баралы деди мышыкка, болду болбоду балык жутуп алса керек.

Балыкчыларга барып аларды андып турушту. Алар ыргыткан балыктын ичегилерин жемиш болуп тиштегилеп шакекти издей баштады. Акыры кӱчӱк шакекти ӧзӱ таап чыкты. Сӱйӱнӱп мышыкка айтып оозуна салайын деди эле мышык ага болбой.

– Келе мен эле алып барам, ынтымакташып жеткирели.

Ошентип мышык шакекти оозуна салып учуп күйүн ээсине жөнөштү. Чын эле күчүк чарчаганынан ырсаймак турсун тилин саландатып, оозун ачып араң келатты.

Келишсе Байтурган күчүгүнөн да, мышыгынан да, алган аялынан да ажырап атын кое берип бүк түшүп, кайгыга батып жаткан экен. Мышыгы менен күчүгүн көрүп сүйүнүп кетти. Шакекти алган Байтурган өзүнүн эмгегин баалаган акылдуу айбанаттарына ыраазы болуп, аларды бооруна кысып эркелетти. Талаада ата-энемди ойлобой ойноп жүргөндүн кесепетинен аз жерден баардык нерседен ажырай жаздадым. Ата-энем эмне болду? Балапан куш ата-энеме кеттик, Алтын чач да үйдө болсун. Үстүбүздө хан сарайындай үй, оокат жай болсун дейт. Баардыгы ошол замат даяр болот. Ошентип Байтурган ата-энесинин кашында алган жары, жакшы көргөн мышык-күчүгү, астындагы аты менен бардыгы жыргап-куунап жашап калышты.

## ЖОМОК

Бул заман да өтүп кетээр,
Түшүнүп түшүнбөгөн
Биздин жашоо жомок болоор
Мезгил өтүп билинбеген.

Накыл сөз
Байлыгың күл сөз эстелик
Эстүү айтылган бабалардан
Сөз атасы накыл сөздөр,
Тарбия бул сага калган.

## Ыр

Эки сап ыр ээсин тапса,
Тарбиясы төп келип

Өргүп чыккан жүрөктөрдөн
Ырлар өлбөс эстелик.

«Кара-кыр таныган да каракыр

Жаман уул жаман кыз
Душманыңдын байрагы
Жакшы уул жакшы кыз
Мекениңдин байрагы.

Каймана айткан уул-кыз
Карыганда чөктүрөт
Кайрымдуу болсо уул-кыз
Чөккөн көөнүн эстүрөт.

Акылсызга айкөлдүк кылсаң,
Апендидей ойлойт.
Акмакка койнуңду ачсаң
Ач бөрүдөй жойлойт.

Ак көңүл чечилип сүйлөйт,
Жетесиз жекирип сүйлөйт.
Деңге мас эсирип сүйлөйт.
Сурамчыл өтүнүп сүйлөйт.
Калпычы бекинип сүйлөйт.
Каадасыз секирип сүйлөйт.
Сөзмөр көшүлүп сүйлөйт.
Күйгөндөр тешилип сүйлөйт.
Сүйгөндөр кечирип сүйлөйт.

Адал оокатты аары,
Арам оокатты чымын сүйөт.

Аарыны балканадан,
Чымынды заңканадан табасың.

Дилден сүйгөн жакшылык,
Тилден сүйгөн азгырык.

Иш бүтсөң эринбе,
Байлык күтсөң менсинбе.

Жашында акылына көнбөгөн бала,
Карыганда кадырына жетпейт.

Ал дүйнөнүн бейиши көрүнөө болсо,
Шылуундар биринчи өлмөк.

Алсыз түшүнө ишенет
Балбан күчүнө ишенет.

Жакшы ишине карайт.
Жаман кийимине карайт.

Төбөсүнөн урганга
Төө мингизсең да бары бир.

Ата-эне демин туйбасаң,
Балаңдан кайрым сураба.

Ишиң жигердүү болсо,
Жашооң ирендүү болот.

Мекениң тикендүү болсо,
Гүл болуп жашоо оор.

Дан үрөөнүн көсөө баспасын,
Мал үрөөнүн ылаң баспасын,
Адам үрөөнүн ачкөздүү ыпыласчылык баспасын.

Ата-эненин биримдиги балдардын ырысы.
Эл башынын биримдиги элдин ырысы.

## АК БҮБҮ ЭЖЕ

Айтылуу чөнкөдөн 60, 70 жыл мурда Акбүбү эже өткөн экен. Бул эже жөнүндө Байызкан эже, Алипа эне жана өмүрлүк жарым Кемербектин айтымдарын же айтып бергендерин кагазга түшүрүп жатам. Булар болгон окуялар эле. Бул киши согуш маалында орто жаштагы аял болгон. Ал азыркы бүбү, бакшы көзү ачыктардай болгон эмес. Жогорку Касиеттеги адам болгон. Такыбаа аял экен. Шариятты динди толук кармаган, түз жүргөн, ач көздүк кылбаган касиети менен келип, касиети менен кеткен Акбүбү эже.

– Илгери-илгери дейт Алийпа эне,— менин жаш кезим. Бир тууган агам катуу ооруп төшөктө жатып калды. Ал кезде азыркыдай доктур жок, табыпка салып айыкканы айыгып, айыкпаганы айыкпай дегендей эле.

Ушул Акбүбү эженин касиетин бөлөк айымдар көрүп түйүп калган эле. Ал айылдан бул айылга ат жетелеп келип Акбүбү эжени атка мингизип, агабызды көрсөткөнгө алып келишти. Акбүбү эже үйгө кирип оорулуунун жанына олтура калып окуп кирди. Окуп окуп, дем салып бүткөн соң, колуна бычак алып оорулуу агабыздын жаткан жеринен аркы бетиндеги каптал жак жерине бычакты уруп сайып алды. Бизге бир нерсенин үнү чыр-р дегендей угулуп кетти. Анан ал ордунан туруп баягыл жерден бир нерселерди чапанынын этегине салып жаткансыды. Эмне экенин биз көрө алган жокпуз. Анан баягы этегиндегини түйүп алып сайга сууга жөнөдү, барып төгүп келдиби, эмне кылып келди биле алган жокпуз. Келген соң гусулданып даарат алып алайын деп, бир жака барып гусулданып даарат алды окшойт. Анан кайра келип. – Эми түктүү сан кылып койгула деп бир тууганарына айтып койуп үйүнө кетти.

Агаларым айтканындай кылып бодо сойду, түктүү сан кылып элге таратты. Көп өтпөй агам жакшы болуп кетти деди Алийпа эне. Илгертен эле ак такжүргөн

ичинде кири жок, кыйтырлык, арамзалык, митаамдык менен иши жок кишилерди оомал төкмөл дешин бүбү бакшы молдолордун бирине ишенсе, бирине ишенбей келишкен. Күндөрдүн биринде өзүнө жакын тууган үкөсү оорул бүбү эжени чакыртат. Эжеси үкөсүнүн ишеничин сынаганбы ким билсин. Үкөм күрөшүп көрбөйлүбү, кимибиз жыгаар экенбиз дейт. Күрөшүмүш болот үкөсү менен, үкөсү жыгып койот. Өзүн ыйбаа тутпаганын сезгенби, пир тутпай мени жыкса, эмим кайдан түшсүн дегенби.

– Үкөм сага менден эм түшпөйт, паланча молдого барып баса окут деп өзүнүн таанып билген молдосун айтат. Ошентип үкөсү ошол молдодон эм түшүп айыккан экен.

Ачарчылык маалы дейт Байызган эже. Ар кимибиз аштык буудайыбызды башыбызга койуп жатабыз. Бир күнү Акбүбү эженин башындагы каптын түбүндөгү биртке уну жоголуп кетти.

– Аа-а мейли деди эже камтама болбой. Өзү келет, өзү жеткизет деп койгон экен. Айтканындай эле эртеси башында баягы ун турат имиш. Азыраак кемиптир имиш. Бир күнү үкөлөрүнүн бирөө Акбүбү эженин макисин кана көрөлүчү, билер бекен деп атайлап уурдап алат.

– Мейли өзү алып келет деп койот камтама болбой. Анан эле бир күнү макиси үкөлөрүнөн жоголуп Акбүбү эженин өзүндө болуп калат.

Чөкөй Жүдөмүшов аке менин өмүрлөк жолдошум Кемербекке жолукkan сайын жакшы учурашып, айланайын чөңкөлөрүм деп калчуу. Акбүбү эжени ал дайым эсинен чыгарчуу эмес, эскерип ыраазы болуп кеп кылат дечү Кемербек. Адамга эң керектүүсү эле ден соолук да чыны, жаш кезинде ошол Чөкөй аке да катууоорул ушул бүбү эжени чакыртып барат. Ошо оорулуу оорул жаткан үйгө жакындаганда эле Акбүбү эже бакырып, кыйкырып; Таштаа-а, таштаа-а, оо-от жүзү кара деп боз үйгө кирбей эле, андан ары бирде-

мени куун жөнөйт. Бир топко, бир топко дейре чуркап барып кайра үйдү көздей жөнөйт. Кандайдыр бир нерсени алдына салып кууп келаткандай таризденет.

– Сал ордуна сал! деп шамдагай басып бир нерсени кууп киргендей үйгө кирди. Төшөктө тил оозу жок жаткан Чөкөй акенин жанына барып отура кетти да, оорулууну телмире тиктеп ичинен күбүрөнүп олтурду.

Сырттагы ичтеги муну көргөн адамдар бир эсе сестейе түшсө, бир эсе жетишпеген немече карап туруштү. Бир оокумда оорулуу кыймылга келип, үйдөгүлөр сүйүнүчкө толуп, кубанычтары койнуна батпай, жакаларын кармап, тиги бүбүнү бөлөкчө көз менен карашып, ызаат көрсөтүп меймандап узатышкан экен. Ал эми Чөкөй аке ошондон тарта өйдөлөп тез эле сакайып кетиптир.

## ЖОЛ

Гүлбүнүн ар кайсы жери ооруп врачтарга УЗИге, табыпка, көзү ачыктарга иши кылып көрүнбөгөн жери калбай, биртке тапкан жыйнаганы аздап, кичине элдей оокаттары калып кылдыраганына, утуру бир ишти кылса онунан чыкпай көңүлү чөгүп ар нерсе бир нерсени ойлоп кыжаалат боло берчүү болду. Биртке сотук жерине ар кайсы нерсени айдамыш болот. Тырбалаңдап бала чакасы менен аны эгип чаап, отоп күзүндө арзыбаган акчага өткөзүп, күнүмдүк курсагын багышып, турмуштун кылдырак арабасын кылдыратып, жашоонун жарым ырахатына шүгүр деп күн өткөзүп жүрдү. Антпегенде анан эмне, жолдошуна да тигинтип иш жок. Ар кимдин дубалын уруп шыбагына бир тапкан тыйынын бир баласынын бутуна чаптаса, экинчи тапкан тыйынын экинчисинин жонуна чаптап, үчүнчү тапканын чай-чака алып дегендей эле. Антпегенде бир кунажын төрт койун сатып отуруп калса да болчудай эмес. Ушинтип кылдырап жүргөндө эле бир күнү капысынан баласынын ичи түйүлүп райондон болбогон

сон борборго алып жөнөштү. Шашканынан айылдаш Шайы деген аялдан процентке акча көтөрүп алып жөнөштү борбордогу доктурларга. Шаарга келген сон врач, рентген, УЗИ, компьютер, жатакана, больница, ичкен жеген, жол кире болуп акчасы жетпей калды. Ошондо баягы-баягы бир мезгилдеги тумоолой калып больницага жатканы эсине түштү. Ал мезгилге, ошондогу ток пейил адамдарга, өз баласындай кылып түн уйкусун кечкен врачтарга, анан эч нерсе менен иши жок нысаптуу инсандарга ушу азыр ыраазы болуп турду. Ошондочу эки күн болбой больницадан чыгам деп кактыс айыгып чыкдеген врачтардын тилине көнбөгөн, ичиниз деп өзүнө бекер берген көп дары-дармекти, калп айтып ичтим деп ар кайжерге таштап койгон азыр жиркеничтүү карады. Жини келди өзүнө. Мына эми минтип процентке көтөрүп келген акчасы чак келбей, эми күйөөсүнө кат жазганы олтурат. Акырыкүйөөсүнө кат жазды.

— Адыл бооз кунажынды сат ага дейре жанагыл Жибектен дагы процентке акча которуп жибер. Эгер кунажын өтсө кийинки мурунку процент акчаларыңды төлөп кутулуп кой. Күйөөсү Адыл бул катты алаары менен процентке акча берген Жибекке барып.

— Мурунку акчаңызды эртең мал сатканда берем. Базарга дейре дагы акча берип туруңуз деди эле Жибек шыпылдап, бербей анан зарыгып турганда, ажаат ачкан жакшы болот деп дагы 5000 сом берди. Бекер бергендей сүйүнгөнүнөн Адыл акчаны алып ишеничтүү киши издеп жүрүп, эки үч күндөн кийин акчаны берип жиберди бир таанышынан. Минтпегенде больница деген больница, шаар деген шаар. Акчасы жок укол, дары сурап көр, эмне ызааны тартаар экенсиң. Акчасы жок шаарда басып көр мусорканада каласың. Адыл бооз кунажынын шаша-буша базарга жетелеп келип, шаша-буша арзан баага сатып жиберди. Анткени кийинки алган акчасын проценти болбой калабы тез берсем деп. Үч күн эле өттү го, үч күндүгүн

төлөп койом деп ойлогон эле. Сатаары менен процентчи Шайыга барып,- мурунку 5000 дин проценти кийинки 5000дин үч күндүгүн төлөп койойун эже, рахмат акчаңызды алып келдим. Буга Шайынын ачуусу келип занилдеп кое берди.

– Минтээриңди билгенде бермек эмесмин сага боор ооруса боорго тебет турбайсыңбы. Кийинки акчага да толук бир айдын процентин кошуп бер. Себеби сен мени клиенттен калтырдың. Сенден бөлөк бирөө алып кетет эле да. Албайм акчаны сенде тура берсин.

– Ой эже деди Адыл дагы эле бирөө келээр менден башка ошого берсеңиз деле...

– Жок. Башымды оорутпа. Процентке клиент келеби келбейби ким билет. Мени иштен калтырбай алып кет да бир айдан кийин проценти менен алып келип бер деди. Айран таң калган Адыл, экибеш миңди кийинки мурункунун толук процентин кошо төлөп биротоло акчасынан кутулуп кармата салып кете берди.

Гүлбү баласы сакайып больницадан чыгарып сүйүнүп сүрдүгүп, тааныш үйүнө келип тыныгышты да, Ош базарынан үйүнө майда-чүйдө алууга чыкты. Келатып киоскалардын бирине кайрылып, окуп койойунчу деп кызыккан газетасын сатып алды да ичине көз чаптырды. Ар бир темага бирден көз кырын салып келатып эле бакыйган эки сүрөттүн үстүнө «Адамга жан салган Айдаң Карим» деген темага көзү түштү. Аябай кызыгуу менен окуп чыкты. Ушундай да адамдар болот экен да деп таң калды. Жалган дейин десе газет деген газет, калпты кантип жазсын деп өзүн өзү ишендирип алды. Газетте Айдаң эже адамды көрүп туруп эле келечегин өткөнүн бүт айтып берет. Дуба окуп, дуба жандырат. Карим аке дуба окуйт. Адамдын жолун ачат. Тилин сундуруп көрүп, качанкы дубасын алып таштайт. Ишин жүрүштүрөт. Арбактар менен сүйлөштүрөт. Ал аалам менен байланыш. Ал дүйнө менен бул дүйнөнү көрүп турат.

Муну окуп бүтөрү менен Гүлбү тан калып ушундай да жараткан жактырган пенде болот экен да. Биздин ишибиз көптөн бери эле түзүк жүрүшпөйт, жолубуз бузулгандай болуп эле ар кайсынын башын кылсак деле анча ордунан чыкпаганы ошо дуба бардан окшобойбу деп көңүлүнө макул келди. Адресин караса ушу жакын арада Академиянын бир бөлмөсүндө экен, барып келе койсомбу деп аябай кызыкты. Академиянын имаратында олтурса, ал чындап эле укмуштар окшойт, болбосо өкүмөттүн үйүнөн орун бербейт да. Ошентип адрес кууп таап алды. Газеттен окуп элден угуп келгендер көп экен барса. Алардан да ишенкирибей жакшы бекен деп койот. Алар дагы жакшы окшойт деп койушат. Өчүрөтү келип Гүлбү да кирип кетти. Адегенде кире бериштеги аялга көрүндү 50 сом төлөп, ал тилин сундуруп көрүп дубаң бар экен тиги бөлмөдөгү Карим акеге эле барып алдырып ташта деди. Төркү бөлмөдөгү топучан кара кишиге кирди Гүлбү ага да элден мурун элүү сом төлөп анан кирди. Тообо деп жакасын кармады ал ичинен. Бу диндеги кишилер баа бычпайт дечү эле деп. Кирери менен отургучка отургузуп алып тилин сундурду тамырын кармады. Аа-а дуба бар экен оорлошуп ооруп-сыркап жүрдүнөр беле. Гүлбү башын ийкеди. Ишиңер жүрүшпөй жатыптыр, кыжаалат болот экенсиң, кыргызчылыгың бар экен, дуба бар экен. Сени көрө албаган бир айлыңарда кара аял бар экен. Ошол илгерээк дуба жасатып койуптур туурабы деди эле. Гүлбү ойлонуп туруп башын ийкеди эми дубанды кустуруу жолу менен алып таштайбыз. Анан ишиң жүрүшүп, оорубай, сыркабай акчаң малың жугумдуу болуп өсүп кетет Дуба жасаткандын өзүн карай айдайбыз, анан ал да сенчилеп азап тартып көрсүн деди. Анан оозун чоң ачтырып алып, тиш көрө турган лупалуу кетменчени оозуна салып алкымынан бери тарта сүргүлөп кырып тарта берди. Жардамчысы анын оозуна кленка даярдап тосуп турду. Алкымдан тарта кырган сайын

көзүнүн чанагы чыга жаздап, окшуп жатты Гүлбү. Шилекей кленкага куйулуп жатты. Оозунан шилекейге аралаш кан да куйулуп кетти. Жардамчысы буга аялдардын айызынан да берген го Карим аке деп күлдү. Окшуп, окшуп аябай кыйналып көзүнөн жаш чыга түшкөн Гүлбүгө жардамчы аял жуунуңуз деп умывальникти көрсөттү. Гүлбү жуунуп бүтөрү менен ал кленкадагы шилекейге аралашкан канды көрсөттү ошону менен бирге кленкада тоголоктошкон эски жипти көрсөттү. Көрдүңүзбү сизге аялдардын айызын жана мынамындай жиптин түйүнүн жасап берген. Эми бардык ишиңиз оңолот деди. Ал эми дубакөй көзү ачык киши да көрдүңүзбү канчаңызды алып таштадым. Эми мына бул сууну дубалап ичирем ошону менен ишиңиз оңолуп өзүңүз узак жашайсыз деп суу дубалап ичирип жиберди. Гүлбү жөнөмөкчү болду эле. – Акча таштаңыз мен шилекейиңизди кармап кара терге түшүп дубаңызды алдым, менин жардамчыларым сизге кленка тосуп жана силерге окшогондорду кабыл алып турат. Суу дубалап бердим 500 сом таштайсыз. Ал мен үчүн эмес өз жаныңыз үчүн, өз ишиңиз үчүн. Биз да ушул жерде адамдардын келечегин ишин оңдосокпу деп олтурабыз. Молдо көпкө эбиреди. Гүлбү 500 сомду молдого берди да ишенип ушул жерге киргенине жини келип чыгып баратты. Мейли деди ал баламдын, өзүмдүн, үй-бүлөмдүн деле садагасы болсун ушул акча деп өзүн соороткуп койду.

## ЖАШОО

Ар ким ар кандай деп айтат аны – бул жерде деле оокат өтөсө болмок. Шаарга эмне барды деп калышчуу оокаттары тыңдар. Айылдан жыргап оозунан май акканынан көөп шаарга келген жок ал. Бирткe 20 сотик үлүш жерине айдаган эгини көп болсо үч айлык оокат болчу. Анан калган убакта көрүнгөнгө жалданып дубал уруп, бирөөнүн ишин кылыша койуп эптеп

тыйын таап барчуу үйүнө. Анысы чай чамегине араң жетээр эле. Бир күнү ал эмне кылаарын билбей эшик алдында ойлуу-ойлуу олтурса бир жолдошу өтүп бара-тып аны көрүп кайрылып ал жай сурашкан соң, жол-дош баласы.

– Эй дос эл катары кыймылдап карыз-курузундан кутулуп алсаң боло деп кенеш берди. Кантип дегенде.

– Эртең элдер чыкканда тиги тоо этегиндеги бөксө-лөрдөн кара кой кармап кел. Сакчы койуп койгон. Милицияларыңды кырдан карап турушат. Караан көрүнсө ышкырат же уй эмди деп, болбосо издеген уйуң же атың бул жакта экен деп кыйкырат. Анан сен учасың да чуркап тоого чыгып кетпей жаның жок-пу. мен деле жылда сезон маалында иштеп, иштеп акча таап, бир сыйра кийинип алабыз.

– А мен кармалып калсамчы деди жолдошуна карап.

– Кармалбайсың кароолчу бар чуркай аласыңбы? Эгер чуркай албасаң бөрүгө жем болдум дей бер. Кара кой деп тергегени кадимки наша жасай турган кара куурай эле, кара куурай бышкан маалда ушалап иште-гендерге эптеп күнүмдүк акча болгону менен, аны кар-маган милицияларга жакшы оокат болор эле. Антпе-се, кантет ушу доордо биринин этин бири жонуп жеген кез. Ал эми ошол нашаны алып ташыган эпчилдер жакшы акча таап, оокатын тың өткөрөт. А кокус кол-го түшсө уяты менен акчадан кол жууду дей бер. Муну саткандын да түбүндө запас акчасы болмоюн ал бир күн болбосо бир күн өлөт. Өлгөндө да катуу өлөт. Ант-кени, колго түштүбү анын артында аны кайтарып кала турган жанында акчасы болбосо милициялар аны ал-парып түрмөгө камакка тапшырышат. Алардын аб-ройу көтөрүлөт. Булар акча таап туйтунуп, бала ча-камды, өзүмдү кийинтем, тың жашайм дегени менен экинчи бир тарапка уу же жарым өлүк кылуучу муун-ду булгоочу уу дары даярдап, адам уулун өлүү болуп көрдө жок, тирүү болуп жерде жок кылып жатканын, ушалагандар да, ташыгандар да түшүнчү беле?! Ушаа-

лардан мурда, ушуларды ойлонуп ушуга иштегиси келчүү эмес ал. Ушалаганга ташыганга сатканда менде акыбал жок деди жолдошуна. Мындан көрө Бишкекке барып бир иштеп келсемби деп жатам эл катары деди.

Андан көп өтпөй ушу Бишкегине келип олтурбайбы. Эптеп көрүнгөн иштин башын кылып бир күн чай тапса, бир күн нан таап жүргөн кези. Иштеп-иштеп, жүрүп-жүрүп көрүнгөн жактан шише чогултуп кирген эле ал. Бир күндүк ишинде ал ушул Айчүрөк магазинин тушундагы кафелердин жанынан токтой калып бир стакан чай ичип алсамбы деп эшик алдындагы столдорго олтура калды эле, анда иштеген кыздардын биреө тейлеген киши болуп жетип келип кичи пейилдик менен эмне ичесиз дегенде Асан,

– Чай канча, бир стакан чайыңар?

– Бир стакан сахары бар 5 сом, без сахар 3 сом ал эми чайнеги — 10 сом деди тейлөөчү кыз.

– Ойий суудан сузуп кайнатып аны он сомго сатса. Замананы зан кылган адамың кур деди ал ичинде, беш сомду аяп жөө барсам, кой ичпей эле, дегенче.

– Ичпесеңиз бул жерге олтурууга болбойт аке деди тейлөөчү кыз. Башчыбыз ичпегендерди отургузбагыла деген.

– Тообо кызың түшкүр, кыргызың түшкүр деди өзүнчө обдулуп өйдө туруп баратып ызага буулуккан Асан, өлсөм да айылда өлө берсем болчу экен. Неге келдим? Биртке тапкан тыйынын аяп илкип жөө баратып үйүнө. Баратып аялын балдарын ойлоду. Сени неге алдым экен, эмнеге балалуу болдук экен. Тыңдап курсагыңарды тойгузуп, тыңдап кийинте албаган соң.

Кийимди эптеп кийсек көрүнгөн батирде жүрсөк. Эне-ата эмес чийдей балдарымды араң баксам. Биздин көзүбүздү каратпай аларга өкүмөт ырас пенсия берген тура, кор болмок экен. Уул-кыздары уул-кыздарын карай албай мурду агып атат минтип. Жанагы үйлөнбөй төрөбөй, төрөтпөй жүргөн уул-кыздарыбыздыкы да жөндөөбө. Өзүмдөй сандарды көбөйткүчө дей-

тко чагымда, ар ким өзү менен өзү алек айланага көз чаптырышка кудуретибиз да чолобуз да жок. Коом, келечек деги койчу. Эч нерсени ойлогубуз келбейт. Мен өлбөстүн камын көргөн маңкурт. Көпөстөр акчанын, мартабанын камын көргөн маңкурт. Таза дүйнө тарып барат. Байуу, байуу, байуу жана да байуу. Бешиктен бели чыкпагандар да бай болобуз дешет. Атаң дүйнө байлыгычы! Качан байыгтар экенбиз билим, илим арууулукту. Көздү чел басса көрбөй калат, акылды май басса түйбай калат окшобойбу.

Ойлору менен алп урушуп олтуруп үйүнө кандай жетип кандай киргенин да билбей калды ал. Бири ата-аталап, бири аны көздөй талпынып күлүп тосуп алганда анын эмелеки ойлору быркырап, кайда кеткени белгисиз, жүзү күлкүгө толуп кичинекейлерин эркелетип өзүнчө ааламга кирип кеткенсиди.

## АРТЫКБАЙ КАЛПА

Айтылуу Кетментөбө өрөөнүнүн Кызыл уран айылында Артыкбай аттуу калпа жашап өткөн. 1870-жылдары туулуп 85 жаш курагында бу жалгандан өткөн. Артыкбай ата ушул өрөөндөн чыгаан аруу, ак, жүрөгү таза түйүмдүү Аллага жаккан пенде болгон экен. Мен эстарткаңда апам Алмакан мен жөнүндө кеп козголсо эле Артыкбайатаны көп кеп кылаар эле элге. Көрсө эми дому элге тийген адам тура. Мени кичинемде төрөлгөндөн кийин ушул Артыкбай атага алпарып чач койдуруп чачымы алдырып, атымды да китептен койдуруп, дем салдырып көп жолу алып баргандыгын жана эмсактыгын, такыбалыгын көп кылчу. Бу кишиге баласы токтобогондор, төрөбөгөндөр көп кайрылышып дем салдырып, дуба окутуп, эмдетип сакайып кетишчү дешет. Ал кишинин ортомчулук, тилектештик касиети бар пакиза адамдардан тура көрсө.

Сөздү мисалдатып айтымдардан баштасак. Уулу

Аалыкан аке ал киши жөнүндө ачык маалымат сураганымда буларды баян этти. Артыкбай ата 9 жашында аптек китеп окуп 12 жашынан намазга түшүп 22 жашынан калпалык наам алган. Таза элге аруу тилек адалдык жүз менен көрүнгөн адам болгон. Согуш маалы дейт Аалыкан аке, ГПУнун кишилери келип, элди алаксытып, элди алдап жатасың сен деп мечитин буздуруп салат. Мээнетине күйгөн молдонун оозун ачырбас үчүн мылтык такап опуза кылат.

– Сен намазды эмнеге окуйсуң, кимди айыктырасың же азыр жүрүп жаткан согушту тыя аласыңбы, кана олуя болсоң согуш басылабы айтып берчи дейт каардануп.

– Согуш басылат, эки үч күндө жакшы кабар угасың балам, мени бир аз капа кылып койдуң. Мунун жарабайт деди ызаланган калпа. Атынын башын бурган ГПУнун кызматчысы көрөбүз деп жөнөп кетти.

Ал узап бара тканда айылдаштары, балдары узата тиктеп туруп калышты. Жүз метрден ары баягы киши аттан бирөө аткандай кулап түштү. Корккону-нан өңү бозоргон ГПУнун кызматчысы өйдө туруп атын жетелеп келип калпадан кечирим сурап тыр. Көп өтпөй райондун борборунан радиодон жеңишке аз калды деген кабар аткан октой тарады.

Артыкбай атанын бир касиети калбырга суу сузса токтоп калгандыгында болуп турбасын. Эшен атасы суу сузуп кел деп колуна калбыр карматат. Артыкбай ата калбырга суу сузуп келет. Ошентип Эшендин ыраазычылыгынан сынынан өтөт. Калпа атабыз өлөөрүндө байбичесине:

– Мына бул китептерди жакшылап бекитип билимдүү кишилерге гана бергиле деп дин китептерин өткөрүп берет да, ушул азыркы учурда молдо болуп жүргөн кичүү баласы Аалыкан акеге:

– Балам мен 20 күндөн кийин оо дүйнөгө сапар тартам. Мени эстеп, ишинден жооп сурап кел, үйдө бол деп эскертет. Атасынын бул айтканына ишене

бербей соо эле турган атасын андай деп ойлогусу келбеген Аалыкан аке ишке алаксып 20 күнду элес албай калат. АтасыАртыкбайата түшүнө кирип, - Аа-а балам унуттуңбу дейт элес булас, ойгонуп тура калып Аалыкан аке атын токуп камчы үстүнө камчы уруп, айлына келсе Артыкбай ата эшке чыгып даарат алып бүтөр замат баласын күтүүгө үлгүрбөй узап кеткен экен.

Айтымда Кудай таала эгем сүйгөн пендеси ушинтип узайт имиш. Артыкпай калпа Үч-Терек өрөөнүндө калпалык касиети менен баарына таанымал.

## ТООЛУУ ТОКТОГУЛУМ

Токтогулдун тоосунда туулуп тоодо төрөлдүк. Тоодон тоодой тондукту тоодой төрөлүктү таптык. Тоомдун топурагы токчулукту тартуулады. Тоонун топозун тозуп тулпарын такшалтып, таалай табууга талашып-тартышып тамашалуу, табышмактуу, таалайга түшүктүк. Таттуу турмушка таң тарта талпынып тырмышабыз. Таалай тоолуктарга табарик таaруудай. Таназар тартпаганды тажатма турмуш таалайын талашат. Таттуу турмушту табуу тоонун тоңдун, тозонун тоготпогондой торолууну, такшалууну, талапка таштайт. Токтогулдун тоолорунан тектүү таасирлүү таланттарды табасын.

Токтогулум тоолуу, таштуу, талкан, туздуу, таза, тектүү таалай төкчүү тасын төр. Тоолорунда тулпар токуп токтогулдук таланттар таалайлуу. Толукшуган тоолорумду токчулук тоорусун. Таалай тоорусун. Тойлор тойго тогошсун. Топудай тоолук Токтогулдуктарым тойлоп толукшусун. Тоомдун таңына таазим. Тоолуктар таң таштагандан тарта талаа таптап, тамаiны талкан талыкпайт. Тартышчылыкка таарынышпай тайраңдашат. Токчулукту тилеп топуктанышат. Талантым түртүп тоолуктарга топудай тема таптым. Тапканым тоолуктарга тартуум.

## АПАМ-АТАМ АСЫЛДАРЫМ

Апакем атам асылдарым
Арымды алымды апкелген
Адамдай акылуу айбаттуу ажарлуу
Айымсыңар асылымсыңар
Артыңардан ар алып акыл алып
Аттандым ажайып ааламга.

Аруулукту, акылдуулукту, айбаттуулукту ардагыңарга апкелдиңер.

Аруу ааламга айбыгып аттандым.

Айрып алгыс айрыманы айрыдым.

Айлымдын аруу адамымын.

Апакем атам асылдарым ардагымсыңар.

Артыңардан аруу ойлорду аздектедим.

Армандуу, армансыз айлар араладым.

Акыл алдым алардын.

Ачуумду акылман айбыктырып, арабөк адамдардан адаштырдым.

Ардагыңар алкай алчуудай арамдыктан алыс.

Аллага алкыш адам атанткан.

Алла адам атантпаса аздектелмекпизби адамдар.

Адамдын адамдай адаты абзел.

Антпесе айбан атанбайбызбы.

Атакем апакем алдыңарда айыптуумун.

Анткени алдыма алып келген ак алтын ашыңарды актай алдымбы албадымбы аны айта албайм.

Ар адам ар бири ата апасынын алтындай акысын актоого аракеттенсе арман айтпас ата апасы.

Акылдуу адам аталуу актоонун аз-аз айырмасы.

Атаң апаң акылдуу, алымдуу аруу адам аталышыңы айтып анан арзышат.

Апа, ата, акылыңардан акылдуулукту, арыңардан ардуулукту алдым.

Ардагыңардын ардактары акыл алсын ажайып ааламдан, ата, апасынан.

Алардын адамдыгын арзыйм.

Алладан акыл алса адамдын адамы аттанса ал ардагыңардын алы, абийири.
Ал ааламдан андап атасыңарбы ата-апа.
Алла аздектесин ал ааламдагы агасы атасы.
Алланын атынан алкайм ата-апа.
Ардагыңар аз аңгемесин арнайт.

## ЖАН ДҮЙНӨСҮ ТАЗАЛАРБЫ

Илгери менин чоң атам Кайдакы бир оорчундуу иш болордо кандайдыр бир үн анын сырттан атын чакырып кыйкырып койуп, кайра ошол бойдон үн катчуу эмес дешет атам, апамдар. Чоң атам ал үндү угар замат ордунан туруп мал-алын карап, сырты айлананы карап жакшы жышаанды сезгендей өңүнө кубаныч аралап калчу экен. Кокус мал-алынан мурун жоголгон болсо кайра ошондон кийин табылып калчу экен. Жетимдерди көп баккан дешчү. Атам атасы жөнүндө кеп салып, кемпири Ширин чоң энем экөө уруш чатак дегенди билишчү эмес экен. Алты эркек эки кызды андан чонойтуп астын үйлөп аркасы үйлөнө электе чоң атам Кайдакы көз жумат. Андан көп өтпөй согуш башталат. Согушка чоң апам Ширин алты эркек баласын узатат бирок кандуу согуш болуп жатса кайтпай калабы деп коркот. Катуу ооруп, төшөккө жатып калат балдары кеткенден кийин. Атам эки бир тууганы менен энесин, балдарын ойлоп үчөө жолдон кайра түндөп качып келишет экен. Келсе чоң энебиз көкүрөгүнө чоң ташты басып көмкөрөсүнөн түшүп жаткан калыбында көрөт үчөө. Чоң энебиз балдарын көрүп, силерден топурак буйрубайбы деп ичим ысып таш басып ооруп жаттым эле эми. Жакшы өлсөм арманым жок деп көз жумат. Чоң энебизди баягы алты баласынан качып келген үчөө жана эки кызы узатышып турпак салып коштошкон соң, кайра согушка алып кетишет. Кийин үчөө согуштан кайтып келич балалуу чакалуу үчөө дайынсыз болуп келбептир.

Чоң атам Кайдакы орто жашап, ак так жүргөн Жан дүйнөсү таза болгонго ошондой го деп калабыз биз. А мен чоң атамдан таза жолун сүйөм жана элге каалайм.

## ДАРИМ
*(айтым)*

Атам, апам, чоң энем Тип байлап кийме жараларды байлап айыктурчу экен. жаратканым жүрөгү тазаларга жакшы жышаан оозуна эм берет окшобойбу. Азыркы бүбү бакшы көзү ачыктардай бир нерсе үмүт этпей соопчулукка дарымдап эмдеп койушчу. Балалык кыялыбыз менен балдары биз буга каршы болор элек. Дарымдабай эле коюңузчу кайра өзүңүз ооруп араң жүргөндө сообу тийеби тийбейби, ошо сизге ыраазы болобу болбойбу. Эмеле унутат адам баласы деп тыйчубуз апамы. Апамдын дарымын абысыны сынаганын апам бизге көп кеп кылчу. Абысыны да айтып күлүп калар эле. Апам биздин жаш кезибиз пахта терип жүрөбүз дейт. Абысыным экөөбүз кетип жатсак кара курт алдыбыздан жөрмөлөп чыга калбаспы. Абысыным Алмакан деп мени токтотуп ушу кара куртту байлап дубалап, берчи көп нерсеге дары болот имиш деди. Мен чырмооктун узун чылбырын жулуп келип дарымдай баштадым, дубанын күчүн көр, бир маалда дарым бүткөн соң, кара курттун оозуна сары суу чыгып кетти да өлүп калды. Албайсыңбы дедим абысынымды. Ал жок албайм деп күлдү. Сени, сенин дубаңды сынадым дебеспи. Ошентип байкоос жаш кубаттуу кезибизде дуба да күчтүү болот окшобойбу деп калчу дарым жөнүндө кеп кылып. Баарыбызга дарым үйрөтүп ак жашоого так жашоого биреөгө соопкерчилик иш кылууга үндөй берчү апам. Көрсө жаратканга жагарлык болсун дешчү тура.

# КАРА МОЛДО
*(айтым)*

Илгери-илгери менин чоң атаман улуурак мындан 100 жыл илгерээк аты чыккан Курама молдо чоң аталар болгон экен. Арыктар уруусунан, уругу Арыктар.

Азыр анын небереси намазгөй Тургунбай аке Зулайка эже бар. Атам Аксары көп аңаза кылып, көп кеп кылчу. Чоң атам Кайдакы ооруп төшөктө жатып калат. Аны илгерки ырымбы же салтыбы женилдетип коёлу, тамдан турпак басып оорлошо берет деп, боз үй тиктирип чоң атабызды боз үйгө алып чыктырып, Курама молдону, чакыртып окутуп күчтүүлөп дем салдыра баштайт. Үрпөндөп коркуп турган байбичеси Ширин энебиз менен уулдарына атама карап:

– Кайдакыны мылтыктасаңар да өлбөйт. Боз үй тигип жүргөндөрдөн өлөт деп окуп бүтүп үйүнө кетет. Чоң атабыз өйдө туруп бара-бара сакая баштайт. Айткандай эле бир аз кийинчерээк боз үй тигип каралашып жүргөн туугандарынан бирөө кайтыш болот. Эгер ал өтө албаган дарыялар болсо, колун эки жака шилтеп койсо дарыя жарыла түшчү экен, анан ал өтүп кетчү экен деп да калышчу. Ошол Курама молдо чоң ата бир күнү бир кырда отурса ортосу суу, аркы кырда өзү тааныган бирөө каткырып күлүп, ойноп жырган ошол кыр менен эле бир жака кетип атат имиш. Жанындагы отурган тууганына карап, тээтиги байкушту көрдүңбү аны бир нерсе ойнотуп жыргатып алып кетип. Азыр аны байлап койоюн деп бир нерселерди окуп койду эле тиги тып токтоп калды дейт. Анан берки өйүзгө чакырып алып, сага эмне болду деп сураптыр молдо. Анда тиги киши ага мостойо карап, сонун болуп ойноп, сонун нерселерди көрүп бара жаттым эле. Сен туура эмес кылдың деп койот имиш. Курама молдонун Борбу деген досунун акеси катуу ооруп калат. Борбу досуна келип,— жүр дос жайлоодо менин акем катуу ооруп жатат имиш. Барып дем

салып бир баса окуп келчи дегенине аябай кыйыктанат, мен жакшы кыла албайм дос жакшы кылаалсам бараар элем. Эмим түшпөшү мүмкүн. Өзүмө да жүк келет.

Болбой акедей асылып тура берген досунун көңүлүн кыйбай барып дем салат. Бир жумадан өтүп, акеси да, Курама молдо да кайтыш болуптур. Көрсө досунун сөзүн көңүлүн өзүнөн өйдөрөөк көрүп кыйбай барган тура.

## ЖЕЛМОГУЗ КЫЗ
*(жомок)*

Илгери-илгери өткөн заманда кемпир-чалдын 1 уулу болот. Бала чоңойуп калганда кемпир чал бир кыздуу болушат. Кичүүсү карып жашы улгайган кездеги көрүнгөн кызы эң эле сүймөнчүк эле. Бир күнү ата-энеси жакын эле айылга бармакчы болуп баласына кызын табыштайт.

– Уулум карындашыңдын курсагын ачырба ыйлаган сайын буламыгынан жедирип тур. Табыштап койуп кетип калышат. Карындашы уктап калганда бала жолдоштору менен эшикте чүкө ойноп жатып, карындашынын ыйлаганын, карындашынын ачка болгонун унутуп калат. Эсине келип чуркап кирсе карындашы ачка болгондуктан ыйлап эки колун бошотуп башын көтөрүп бешигин кемирип жатат. Акеси коркуп кетип буламык берип сооротот. Апасы келгенде:

– Апа мунуңуз соо кыз эмес, бирпас эшикте алаксый жүрсөм минтип бешигин кемирип жибериптир. Желмогуз чыгатко деди. Апасы кичинекейин мындай жаманга жоорул жаткан баласына аябай ачуусу келип. Үйдөн кууп жиберди. Жесе мени жесин. Жутса мени жутсун. Сен жем болбойм десең жогол.

Апасынын катуу сөздөрүн уккан бала бөлөк шаарга кетип баратып жолдон эскилиги жеткен үйгө ка-

былды. Ал жерде кемпир-чал жана анын бир кызы бардар жашап өз оокаттарын өткөрүшчү. Бала кайрылып кемпир-чалга учурашып даам сызып ал жай сурашып:

– Баласы жокко бала, ботосу жокко бото болойун деп жүрөм ата деди.

– Чал бизге эле бала бол балам отун суубузга каралашып деп алып калды. Бала жашап калды. Кемпирчал акыры өз бүлөбүз болсун деп бала менен кызды баш коштуруп биротоло бала кылып алышты. Күндөр өттү ит агытып, куш салып кенен жашап балалуу болуп калышты.

Күндөрдүн биринде бала ата-энесин ойлоп аларды сагынганын аялына эмне болуп келгенин төкпөй-чачпай айтып берип, үйүнө барып келейин деп жолго чыкты. Жөнөөрүндө айтты:

– Эгер мен көпкө кечиксем, кумайыктар кыңшылай баштаса сөзсүз агытып жибер. Артымдан из кууп барып калышат.

Ошентип бала жүрүп отуруп өз айлына жете келди. Келсе айлы тынч, эч ким жок үйүнө келсе карындашы эле бар экен тосуп чыкты акесин утурлап.

– Кел аке келиңиз менин бир акем бар деп укчумун сиз турбайсызбы көрсө. Үйгө кириңиз. Аттан түшүрүп үйгө киргизип, кайра атыңызды жайлап байлап келейин аке деп сыртка чыгат. Ушул учурда түндүккө бир чымчык учуп келип коно калды да акесине мындай деди:

– Карындашың атыңдын бир шыйрагын жеп жатат. Бул жерде мен, анан карындашың эле калган, бүткүлүн жалмап жеп салган карындашың желмогуз.

Азыр сага кирип:

– Аке атыңдын бир шыйрагы жок беле дейт, ооба жок эле деп кой. Анан экинчи шыйрагын жеп кайра келип дагы аке атыңдын эки шыйрагы жок беле дейт, ооба жок эле де. Анан үчүнчүсү, анан төртүнчүсү анан атың жок келдиң беле аке дейт. Ооба атым жок келгем де. Анан өзүңө чап асылып басып жыгылат, сен көзүнөн

көзүңдү ала качпай тиктеп жата бер. Бир-туугандын көзүн бир-тууган кыя албайт деп учуп кетти.

Желмогуз карындашы кирип келип чымчыкты байкап, иий ушул чымчык калып калган экен деп тамшанды. Ошентип чымчык айткандай акесинен:

– Аке атыңдын бир буту жок беле деди акеси ооба деди, бир аздан кийин дагы экинчи жолу чыгып келип, атыңдын экинчи буту жок беле деди.

– Ооба деди акеси. Чымчык айткандай үч, анан төрт ушинтип отуруп аке атың жок беле деди.

– Ооба жок деди.

Анан ачыккан карындашы акесин басып жыгылды. Акеси желмогуз карындашынан көзүн албады. Ушул тапта үйдө калган эки кумайыгын аялы коё бербей унуткан экен. Байлоодогу кумайыктар үзүнүп, жулунуп жатып өздөрү бошонуп алып, из кууп акактап жетип келишти. Эки кумайык эки жагынан кызды алып жыгылышты. Анга көнгөн кумайыктар кызды соо койгон жок. Ошентип, желмогуз карындашынан кутулган бала үйүнө эсен-соо кайтып келип бала бакырасы, эки кумайыгы болуп жыргап жашап калышкан экен.

## ТИЛЕК ТИЛӨӨ

Илгери-илгери өткөн заманда кемпир-чал жана анын бир кызы болуптур. Үчөө энтеп-септеп эл катарында кылдырап оокат өткөрчү экен. Чал ушинтип эле кылдырап курсак тойгузуп энтеп жүрүп өтүп кетебизби. Кандай элдер бапырап баарысы бар, ойдогудай жашашат. Яа-а жараткан эгем мен деле элдей болсом кана дейт дайыма. Бир күнү Кыдыр бабабыз жолугат да сен ушинтип көп ойлонуп, ниеттенип, тиленип кыжалат болот экенсиң. Мунун бир жолу — сен жаратканыңа байбичең өзүң кызың болуп жакшы тилек тилеп, сыйынып тиленсеңер берет ойуңардагыны дейт. Кемпирине, кызына мен кыдыр бабама жолуктум, жакшылап, ойуңар бир жерде, бир максат ай-

тып тиленсеңер Жараткан эгенер берет деди кыдыр бабам дейт. Үчөө тилеп, тилеп жатышып байлыктуу болушту. Өзүнөн-өзү эгиздеп, сегиздеп малы көбөйдү, мол түшүм берип даны көбөйдү.

Кемпири көөп Ханга тийгиси келди. Кызы көөп атасы менен иши жок ойун-шоокко кетчүү болду. Кемпири чалды чалындай көрбөй ооздон алып. сүйлөтпөй чочкочо чолуп койчуу болду. Кызы эч кимди теңине албай менменсинип кетти. Жедеп тажаганда ачуусу келген чал, чочко болгур аа-к чочко бол деп жиберди кемпирин. Кемпир чочко болуп калды. Кызы апасын көрүп кейип чунчуп кетти. Элдерден уялчуу болду. Ушундан көрө деп тиледи кызы, мурункубуз эле жакшы экен, үйдө ынтымак бар эле бирибизди бирибиз сыйлап, боор ооруп тил алышып турчу элек деп. Оо Жараткан менин тилегимди кабыл кыл апам менен атам мурункудай урушпай, талашпай эле жашашсынчы, минтип чочко болгондон көрө деди. Атасы да ошентип, апасы да ошондой ниет кылды. Кайра үчөө бир тилек, бир ойдо болду, кыздын тилегин берип апасы өз калыбына келип байлыгы аз аздап жок болуп, мурунку кейпине келди. Бирок ынтымак жашап эл катары өмүр сүрүп калышты. Көрсө байлык көтөргөн адамга гана берилет окшобойбу.

## САРЫ ТАЙ

*(жомок)*

Илгери-илгери өткөн заманда Абылай Күлсүн дегендер жашаптыр. Жакшы жашап эл арасы кеч карасында бир уулдуу болушат. Бактылуу болор бекен деп уулунун атын Бактияр койушат. Күнү бүтүп суусу түгөнүп. Күлсүн ал дүйнөгө жол тартат. Абылай жесир Бактияр жетим калат. Абылай турмуштан жүдөп акыры аял алат. Күндөр биринин артынан бири чуурул олтуруп, аяк бияк дегиче аялынан эки балалуу

болот. Бактияр да чоңойуп молдочулукка (Билимчиликке) окуп эрезеге жете баштайт. Бала тыкан, чыйрак, сезимтал, боорукер, ийкемдүү болуп чоноет. Күндөрдүн биринде атасына тай алып бериңизчи деп өтүнөт. Атасы тай алып берүү үчүн баласын базарга ээрчитип барат. Бир нече тайларды көргөзөт. Балага жакпайт. Базардан кайтып үйгө келе жатышса тайлуу бээ минген чал жолугат. Бээни ээрчиген тай сары, самсаалап али түлөгү түшпөгөн жүдөө тай эле. Баласынын сүйүнүчү койнуна батпай: – Ата мага ушул тай жагат алып бериңизчи деп атасына жалооруйт.

Балам сонун, сонун тайларды албай, жактырбай келип ушул жүдөө тайды жактырганың кандай дейт. Жок ушундан бөлөк тай албайм ата деди баласы. Атасы макул болот. Тайды алган соң бала аны жалаң гана өзүнүн короосунда багат. Молдодон (Мектептен) келери менен тамак ичпей туруп тайына учурашып сылап сыйпап, кишиге сүйлөгөндөй ага сүйлөп аябай аздектеп багат. Күндөр өтөт айлар жылат, эки жыл өттүбү, үч жыл өттүбү ушул аралыктарда бала балакатка жетип баягы жүдөө тай келишкен тулпар болуп чыга келет. Бактиярдын күчтүү болушу, тайдын тулпар чыгышы өгөй эненин ичин тарыттыбы ким билсин. Бир күнү Бактияр мектептен келип сары тайга барса сары тай атынын көзүнөн жаш агып жатат. Атын сылап-сыйпап, жашын аарчып сага эмне болду дегенче тулпар атка тил бүтөт.

— Сен да өлдүң мен да өлдүм дейт.

— Эмнеге дейт,– чочуп бала. Анда угуп тур дейт ат: — Өгөй энең сени көрө албай ичи тарланып баратат. Өгөй өгөйлүгүн кылат окшобойбу базардан эки кызыл алма алып келди. Терең ор каздырып үстүн билгизбей жаап койду, анан сени менен өзүнүн эки баласын кошуп жарыштырмак болду. Сенин тез жетериңди билет, сен чуркап баратып жолдун таманына казылган орго түшөөрүңдү билет. Ошентип сенда өлөсүң мен да өлөм.

— Эмне кылсам? Бала ойлонуп күңгүрөнду.

— Сен азыр барып билмексенге салып камырабай тамагыңды ич же, анаң сени жарыштыра баштаганда айтат, ушул кызыл алмаларды ким мурда келсе ошого беремин деп жарыштырат. Сен чуркап келатып катуу жыгыл тизеңди кучактап тизем, тизем деп тизени оорутумуш болуп сылтып кала бер. Өзүнүн казган оруна өзү түшсүн деди тулпар ат.

Ошентип аттын айтканы туура келди жана ошондой болду. Бактияр чуркап келатып катуу жыгылды да тизесин кучактап аксап-тексей баштады. Өзүнүн баласы биринчи жетем деп байкоостон энеси каздырган орго (чукурга) түшүп кетти, эне ичи өрттөнүп күйүткө. Чыдабай балага эми кастарын чындап тиге баштады. Бир күнү бала мектептен келсе аты дагы ыйлайт. Чочуган Бактияр эмне болду дегенче ат сенда өлдүң мен да өлдүм дейт: энең эми чоң табак палоо басып сен жей турган алды жагына уу тамчылатып, баласынын жей турган алды жагына бал тамчылатып чогуу астыңарга койот, сен эптеп бир нерсеге аларды алаксытымыш болуп туруп табакты тегеретип сал дейт. Бала Бактияр аты айткандай кылып табакты акырын тегеретип койот. Өгөй эненин өзүнүн уулу жеп алат. Ошентип өгөй эне чоң күйүткө чалдыгып, жүрөк оорулуу болуп жатып калат.

Молдо чакыртып окутуп сары тайды сойдуруунун амалын ойлойт. Молдо баланын окутуучусу болгондуктан молдону акча берип алдап, сен дейт өгөй эне, менин чалыма айткын, байбичеңе ушу сары тай аттуу атынын өтү дары экен де. Ал эми Бактиярды аны сойгончо мектептен жибербе. Сабак өтүп кармап олтура бер дейт. Молдо кемпирдин айтканын чалына айтканындай айтып түшүндүрдү. Чал тулпарды кыйбай кыңырылды. Баласынын көз жашын көрбөгүсү келди. Ага кемпири көнбөдү.

— Бир атыңарды менден аяйсыңбы, балаңа дагы эле ат алып бересиң деп. Чал ыйлап, ыйлап макул болду.

Сүйлөшүүлөрдүн аралыгында бала окуудан келип сары тайына кирсе сары тайынын көзүнүн жашы көлдөп ыйлап туруптур. Эмне болду, сага дагы кандай кырсык, бала тайды кучактап сылап, коркуп ыйламсырады.

— Сен да өлдүң мен да өлдүм, эмкисин чоң этият болуу керек дейт тай. Сөзүмдү так аткар. Тигилердин сүйлөшкөнүн сары тай дайыма сезип тура турган көзү ачык ат эле. Ошонун аркасында бала үчүн боло турган кырсыкты билдирип турчу. (Илгертеден ата-бабаларыбыз жылкы адамдын канаты, таптап жакшы бакса жөлөнч болот, тутумдуулары сени кырсыктан сактайт деп бекеринен айткан эмес. Жылкы менен иттин көзү ачыктыгын бабаларыбыз осуят катары айтып келишет). Сен дейт сары тай тулпар аты, эртең мектептен эрте кел. Мугалимиңди, атаңы апаң көндүрүп койду, сен сабактан келгенче мени сойушат. Менин өтүмдү жүрөк оорусуна дары деп шылтоолоп сойот. Алдын ала арга кылышып сени сабакка кармашмак болушту. Сен мугалимдин сабагына баргын, бирок катышпай эле жооп сура. Сени жибербеске аракет кылат. Калем кагазыңды чачып окубаймын деп качып жөнө. Атаңа келип мени соёордо ушул убакка келип аттын жонуна бир чыга элекмин, ата сойсоңуз сойорсуз, бир ары-бери бастырып алайынчы дегин. Атаң макул болот, анан атана коштош, мен сени алыска, алыска жакшы жактарга алып учуп жөнөймүн дейт. Бала эртеси сабактан сары тайы айткандай окуучусунан жооп сурайт. Жооп бербейт молдо окутуучусу. Жинденген бала китеп дептерлерин чачып ыргытып качып жөнөйт. Бар күчүнүн болушунча чымын куюн болуп чуркап үйүнө жете келсе сары тайды эми сойгону жаткан болот. Чуркап келип сары тайын кучактап атасына жалоорул, атаке ушу сары тайды алып бергенден бери үстүнө бир чыгып мине элекмин, эми сойор алдында бир минип ары-бери бастырып көрүп алайын, анан сойо бергиле деди. Атасы макул

балам туура айтат деп баласына атты туура тартты. Баласы минип нары-бери бастырды. Коштош атаң менен деди сары тай.

— Ата коош, ата коош аман болсом кайрылып келермин деп чү койду эле атка канат бүтүп аны асманга алып учту. Жүрүп отурук бир шаардын чекесине келди. Ат баланы түшүргөн соң айтты: – Мен ушул шаардын чекесиндеги тоолордо болом. Менин урук тууганым ушул тоолордо. Жалымдан беш алты тал ал да, аны жанына бекем сакта.

Анын бир талын отко күйгүзсөн мен келем дейт. Атты койо берип Бактияр айыл четиндеги бир манжапис таздыкына келип, анын таз кейпин кийет да хан ордосуна барып торпок кайтаргычболуп жайгашат. Күндөрдүн биринде Хандын кыздарынын ойноп күлүп жүргөн жеринен торпок айдап өтүп баратып алар эс алчуу көлмөгө сугарып, чычырып-сийгизип алды билбестик кылып. Муну көргөн кыздар: келесоо таз ары жактан айдап өтпөйсүңбү, сага бул жерге келгенди ким койуптур. Көлмөнү да булгап, деп кубалашат. Алардан качамын деп жыгылып түштү. Баягы башындагы таз кейпи кыйшайып башы ачылып көкүлү көрүнө түштү. Аны хандын кичүү кызы байкап калды. Бул соо бала эмес дейт кыз ичинен. Жүрүм-туруму сүйлөшү тазга окшобойт дейт өзүнчө. Баягы тазга кыз көп көнүл буруп калат. Көп сүйлөшөт. Жүргөнтурганы тазга окшобой, зирек зээндүү адамдарга окшоп кызды өзүнө тартып, бир сыры бар балага окшоп көрүндү кызга. Бара-бара кызга жагып калды. Хандын үч кызы боло турган, хан хандык түйшүк менен алек болуп кыздарын күйөөгө бериши эстен чыгарып жиберген. Үч кыздын кичүүсү Бактиярды жактырып калат да эжелеринин жана өзүнүн турмушка чыгуусун ата-энесине билгизүү үчүн, бир чирик алма бир жартысы чирик алма жана бир эзиле бышкан алма таап атасы менен апасы уктап жаткан бөлмөгө ата-апасынын баш жагына табакка салып койуп кой-

от. Эртең менен хан байбичеси экөө алманы көрүп аң-таң болушат. Бу кандай табышмак, жейин десе бирөө эле таза бири чирик, бири жартысы чирик.

Кемпири түшүнүктүү ханым дейт. Булсыр кыздарындын кылганы болуп жүрбөсүн. Чирик алма улуу кызын, турмушка чыга турган мезгилден эбак өтүп кеткени, жартысы чирики ортончун жаш курагынан өтүп баратат. Ал эми бышкан алма, кичүү кызыбыздын чыга турган мезгили экен дейт. Хан алаканын шак чаап аттиң хандык кылып, элге алаксып өз балдарымды унуткан экенмин. Кой жардык кылып эл чогултайын, кыздарым тезек уруп өз жактыргандарына турмуш курушсун деп, жарлык кылып төгөрөктүн төрт бурчунан эл чогулуп, аял ала элек жигит аттууну кыздарынын алдынан бирден чубатып өткөздүрөт. Улуу кызы Бекти тезек менен урат. (Ошол мезгилдин шартында хан кызы каалаганым ушул деген ишараты эле. Тезек менен урганы ат тезеги жумшак эмеспи). Улуу кызы Бекке турмушка чыгат, экинчи кызы да дагы бир хандын баласын тезек менен урат. Ал кызын да турмушка чыгарат. Ал эми кичүү кызы эч кимди урбайт. Хан элди кайра чубуртат. Дагы урбайт. Хан ачууланып элге жарлык салып, ким калды элди толук айткыла дейт. Элден: Эч ким калган жок ханым бир, гана сиздин торпокчу тазыңыз калды дейт.

— Болуптур ошол таз дагы өтсүн дейт. Ал таз Бактияр эле. Бактияр тазды алдырып келип катардан өткөзүшөт. Кыз Бактияр тазды тезек менен урат. Хан жаңылыштык болду окшойт деп элди кайра өткөздүрөт. Кайра дагы эле ошол тазды урат кыз. Хан ачууланып үчүнчү сыйра катары менен тизип өткөзөт. Дагы урат тазды. Эми жинденген хан тигил эки кызындай кылып шаан-шөкөт менен үйлөнтпөйт: – Ал тиймектен тий башың баш, багалчагың таш, өз убалың өзүңө көргөзбөгүлө көзүмө дейт. Торпокчу бала менен кызды атканынын бир бурчунан бөлмө берип

киргизип салат. Бактияр экөө атканада бактылуу жашап турушат. Бир күнү хандын табы айнып табып чакыртат. Табып ага кийиктин этин, чучугун жешин сунуш этет. Хан күйөөбаласы Бекти чакыртып жакшы ат берип кийик атып келүүнү буйрук кылат. Атасынын дартына кийик чучугу дабаа болоорун уккан кичүү кызы да атасына келип өтүнөт. Ата кичүү күйөө баланыз да ат берсин мен деле атып келем деп жатат дейт.

Хан жактырбай, ага кийик атканды ким койуптур, жакшы аттарды тигил экөө минип кетти, ошол экөөнүкү болоор дегенде байбичеси сөзгө кийлигише, кой ханым таздын көөнү болбосо кыздын көөнү эмеспи деп ортого түштү. Хан болуптур эми койго жетпес кой күрөндү берип койгула эптеп жыгылбай-сыгылбай минип барып келсин.

Атпаса атпай келер кийигин деди. Кызы атты алып барып мингизип күйөөсүн ууга жөнөттү. Бактияр бир топ, бир топ аралык бастырып ээндеп калган соң баягы сары тай берген жалынын бир талын алып күйгүздү эле сары тай тулпары пайда болду. Болгон иштин чоо жайын уккан сары тай жалын төшөп Бактиярды алыска кийиктүү жерге жеткирди. А деп бу дегиче үч-төрт кийик атып, сойуп отту алоолото жагып кийик этинен отко салып жеп отурган эле. Баягы эки бажасынан мурда сары тай тулпары булуттуу көктүн үстү менен алып учуп алардан мурда жеткирген. Таз кейпин алып жасанып олтурган Бактиярга, отту түтүндү көргөн бажалары дагы ошол жерге жете келишти. Бактиярды таанышпаган алар салам айтып, эртеден бери келатып жолу болбой бир да кийик ата албаганын, эми куру кол кайтса уят болорун айтышты. Бактияр аларга – экөөнөргө аткан кийигимден экини берем, бирок менин бир ырымым бар, шыйрагыңырды тозсоңор мына бул көсөөмдү басам кичине күйөт ал мээнетиңер катары эле болот дейт. Экөө ары ойлонуп, бери ойлонуп: Куру кол барса кайната кайнене-

сине уят, элге уят, аталы десек кийик аттырбайт кой ыкка көнөлү чочун неме экен, этибиз тыз десе эмне болмок, күйсө айыгат да деп, кеңешип макул болушту. Кәсөөнүп учун экөөнүн бирдей жерине басып алды. Экөө күйгөнүнө кайыл болуп, эки кийиктин этин жүктөп кете беришти. Бактияр алар кеткен соң калган этти жүктөп тулпары менен койкүрөңгө келип, аны минди да таз кейпин кийип алардын артынан үйүнө келди.

Келинчеги экөө этти эзилте бышырып табакка жасап, орто четине кичине самандан үч-төрт тал таштап коюшту да этин көтөрүп таз күйөө кичүү кыз экөө ата-энесине келишти. Булардан мурдарак хан күйөө, Бек күйөө экөө аялдары менен кийик этин алып келип ата-энесин сыйлап, атасына шыпаа болушуна тилектеш болуп кайтышкан эле. Алардын шаша-буша бышырган эти камыраак, чийкирээк болуп атасы менен апасы анча жей албай коюшкан. Мунуку андан өтө чийки даамсыз чыгар деп ойлоду хан. Кызы тамакты алдыларына койгондо хан чекесинен ооз тийип көрдү эле абдан даамдуу, эзиле бышкан жумшак этти жей баштады. Ортолоп келгенде самандын төрт талын көрүп, ирээнжип кетти. Бул эмнең деди кызына карап. Ата саманканада жашасак сапырылып түшсө түшүп калгандыр деди кызы.

– Кой деди хан бул кыз-күйөөмдү тиги атканага киргизип койгула деди жигиттерине буйруп. Кыз-күйөө атканага киргизилди. Үч күндөн кийин ханга кийиктин жаны чучугун жешин талап койду табып. Үч күндөн сон Хан күйөө, Бек күйөө дагы кийике жөнөштү.

Таз күйөө дагы аялын атасына жөнөттү, бир ат сура, мен деле барып келейин деп. Хан атасы дагы эле баягы кой күрөң атты берди. Бактияр мурункудай эле тулпардын бир тал жалын отко салып түтөттү эле сары тай тулпары пайда болду. Койкүрөңдү агытты да тулпарын минип тоого жөнөдү. Эки үч кийик аткан соң

баягыл мурунку жерине дагы келип, от жагып кийиктерин сойуп, алардан шишкебек жасап жеп жай баракат отурган. Ангыча баягыдай эле аны тааныбаган эки бажасы келет да – ой биз тиги тоону бу тоону кыдырдык кийик таппадык. Сиз ушул жерден эле өгүнү да атып алдыңыз, азыр дагы деп калышты эле.

– Баягыдай шарт менен ала бергиле деди, алар макул болушту. Экөөнүн шыйрагына дагы көсөөнү басып койду, эти күйсө да кийик тапканына ыраазы болушту экөө. Ошентип алар баса бергенден кийин Бактияр тулпарына минип кийиктерин артып алып алардын артынан тулпары менен учуп олтуруп мурда келди да баягы жерден таз кейпин кийип, кой күрөңдү минип, үйүнө келди. Кийиктин этинен жакшылап чучук жасап эзилте бышырып атасына тартуу кылып алып келишти.

Булардын алдында Хан күйөө менен Бек күйөө жана кыздары келип кетишкен эле. Таз күйөө менен кичүү кызы да чучук бышырып келгенде хан баланын кийик атып келип даамдуу этти кызы жасап келгенине айран таң болуп жатты. Мына эми чучукту да тигилердей эле кийик этинен атасына жасап сыйлап олтурушат. Атасы да оозтийип көрдү эле, абдан даамдуу чучук, анан апасы да оозтийип көрүп экөө дагы жеп кириште, чучукту жакшылап жеп болгон сон, табактын чекесиндеги аттын тезегинен бир үзүм турганын көрүп жинкирип кетти. Бул эмнеңер деп жинденди хан. Байбичеси ботом кызың атканада жашап, ушинтип чучук жасап келгенине, сыйлаганына шүгүр ханым. Атканадан капысынан табака жукса жуккандыр деди кызына ылым санап. Кой анда тиги коншу кепеге киргизип койгулачы. Тазараак кепеде жашап калышты экөө.

Күндөрдүн бир күнүндө бир хандын чоң тойу болот ага булун бурчтагы эл чакырылат, хан Хан күйөө баласы менен Бек күйөө баласын кошуп алып тойго жөнөмөк болуп аттарын жасап өздөрү жасанып жат-

канын уккан таз күйөө баласы Бактияр да хандын кызы келинчегине: Мен да тойго барам, мага да ат берсинчи кайнатам деди. Кыз атасы менен апасына барып тиги таз күйөө баланар да жакшы ат болсо барам деп жатат деди. Ага тойго барганды ким койуптур, мейли эми көңүлү калбасын деп дагы кой күрөндү берди. Ал койкүрөндү минди да тигиндейрээк барганда тулпардын жалынын кылынан бирди отко күйгүзүп сары тайды чакырып алды. Ага тойго барарын айтты. Ал тойдон күлүк чабыш, жорго салыш болот баарысын женебиз. Байгесин алып, үйгө барганда кайнатана тартуу кыласың деди.

Ошентип тойго барышат, тойдон Бактиярдын тулпары байгени баардык жагынан берген жок. Бактиярды баары сыйлады. Аты менен өзүнө таң берип аңаза кылып жатышты. Той да тарады. Бактияр тулпарын баягы жерге келгенде дагы койо берди да кой күрөнү менен таз кейпин кийип үйүнө келди. Бактияр алган байгени көрүп аялы таң калды.

— Ушу кой күрөн уттубу, кантип?

— Ооба кой күрөн утту, бул байгеден кайнатам менен кайненеме да бөлүп алпарып бер деди. Ханга кызы келип байгесинен берди. Хан айтты: жок бөлөк ат уткан, бөлөк бала болчу. Кызы ата, күйөө балаңыз жасанып баргандыр, ошондо ошондой көрүнгөн да деди. Ал таз го кайсы кийими, кайсы өң деди хан.

— Ооба ата, ал таз кейпин кийип жүрөт дайыма элиме кайтканча ушинтип жүрөм деген өзүнүн убадасы окшобойбу. Кейпин алып кийгенде чачтуу баштуу эле адам ата, деди кызы, ал акыл эстүү, адамгерчиликтүү.

М-мм деген хан бул балада бир сыр бар экен деди ичинде. Чакыр күйөө баланы.

Бактияр келди, чакырткан экенсиз ата.

— Кел деп жанынан орун көрсөттү. Баланы баамдап карады, чын эле кечээки балага окшош анткени, бул баланын тулпарынан улам ага көп баам салган эле.

– Балам мен ата катары болгон сон болгон сырыңды менден жашырба, тетик өңдөнөсүн, анан калса сенде бир сыр жаткандай туюлат деди хан.

Бала ойлонуп, ойлонуп олтуруп бүт башынан өткөнүн айтып берди. Эки күйөө баласына эт бергенинен өйдө айтты эле аларды хан чакыртып беттештирди. Бактияр болгонун айтып койгондо алар да таң болду.

– Эми деди бала уруксат берсеңиз мен элиме атама барышым керек дегенде хан:

– Мейли балам, бирок мен сага хандыгымды берем. Хандыкты ал да атаңа учурашып келе бер деди. Ошентип Бактияр хан болуп калды, элине учурашып, атасын алдыртып, бактылуу жашап калды.

## Жара

Каратып туруп өзүңдү
Калпты чындай айдаткан
Акча десе абийир эмес
Жадагалса жансаткан.

Коркпойт бул, ал дүйнөдөн
Адаты ошол үйрөнгөн
Ал жарасы замандын
Бул дүйнөгө бир келген.

Турмуш сокку турбайт сени бөпөлөп,
Желбиретет артка алдыга жетелеп.
Чыдаш керек сабыр күтүп саргайып,
Эртеңкини түшүнбөгөн эселек.

А дөөлөтүң жонундагы тоголок
Андык үчүн көтөрүлбө жогорок
Мээнет жалпак чайыр сымак жабышкан,
Мейли чөккүн мейли көпкүн жабышканы жабышкан.

## Мышык балалуу болгондо

Мышык мыё болду,
Биле албай баскан жолду.
Үйлөнду чала кайым,
Анан эркегинен жок дайын.
Көп өтпөй төрөп алды,
Сүт кирип ачты карды.
Ал үйгө барды,
Бул үйгө барды.
Тойчуу болду эптеп карды
Балдары чыйылдады
Жалап жуктап быркылдады
Келемиш чычкан алгандан коркчуу
Болгону уурулукка жортчуу
Мына эми тозок
Мууну бошоп
Эмне кыларын билбейт
Бакырып өзүн-өзү тилдейт.
Келемиш, чычкан жайнап жүрөт
Аны көчөгө таштады балдарын
Билгенде көзү ачылып жортуп калганын.
Анан не болот,
Ойлобойт аржагын.
Адамдар багат дедиго чагым калганын.

## Жашоо

*(Рамис аганын ыгы менен)*

Удургуйт жашоо,
Төгүлүп чачылып.
Өмүрлөр кемирилип,
Бир баштан жемирилип.
Өтүп баратабыз,
Бирибиз суук,
Бирибиз ысык көрүнүлүп.

Чиркиндики десе,
Жылып жылыбай чеке.
Бирибиз аша чаап өтө,
Бирибиз болуп өмүргө тете.
Белди бууп,
Ак болуп,
Кара болуп,
Кээ бирибиз ала болуп.
Билинбей сыртыбыздан,
Өңкүлдөп,
Дөңкүлдөп,
Жашоонун арабасында,
Шалактап алактап,
Көч арасында.
Барды жок кылып,
Жокту бар кылып,
Жаратабыз,
Капырай десе,
Жашоо улуубу, сулуубу,
Жашоо муздакпы,
Жылуубу.
Өмүр жарыкпы,
Иңирби.
Ыраазы болуп,
Жашоого,
Өмүргө.
Наараазы болуп,
Кээде.
Келебиз, барабыз,
аллабыз бир.
Аламандап жүрүп,
Барар жерибиз да бир.
Аманат дүйнөдөн,
Алып эле кетпей
Бир беткей,
Берип кетсек муунга,
Жүрчүдөй кылып эстей.

Чиркин дүйнө,
Жакшы көрүнөт.
Бүт элге мүлдө,
Андыктан келсек,
Бир дилге.

## Ушундай калктын урпагыбыз

Бастырмага тулпар байлап,
Чаркарда торпок-козу,
Коргондо койу жайнап,
Күрткү алып ойду тоону.
Туруучу эле.
Бозо ачып жатаганда,
Бишкектеп кымыз бышып.
Кайыр берип ач адамга,
Кементайга жүн тытып.
Жашачу эле.
Буйлалап төөнү багып,
Ат жүгөндөп сагак тагып.
Өгүзгө ыңырчак токуп,
Эшекти чом шаландап,
Имишчүү эле.
Таптанса жутуп суудап,
Журт издеп өзөн суудан.
Керилип келинчектер,
Ырк күтүп кыйыр тууган,
Көчүшчүү эле.
Тезек терип адырлардан,
Чөкөлөп куурай жыйнап,
Тулгага казан азып,
Түйкүч, туткуч даяр турмак,
Камбыл эле,
Нооруз көжө жаңы жылда,
Алас-алас от жагышып,
Олобо, быжы, эжигей,
сүзмө, курут, быштак, куймак,

казан толо эт салышып,
тамактанучуу.
Айырмачка бала эмгизип,
Кундуз бөрк кыздар кийип.
Көө менен эргилчектер,
Турчу эмес эч илинип.
Жүрүшүп карапайым.
Упузун өмүр сүргөн.
калк элек мына ушундай,
кайраттуу тулпар минген,
жигиттей кызы баатыр,
эл десе жеңин түргөн,
биз жаралдык улуу калктан.
мына ушундай.
Айылды таптап
Шаарды таптап
Тажаган соң
баарын таштап.
Эркегүл эрге тийди
Эри менен эргип күлдү
Билген жок байкабады
Эмне болот эртеңки күнү
Айыл деген айыл
Кайын деген кайын
Сынайт ко адамдын алын
Мал бакмай
Дан чапмай
Нан жапмай
Дем алыш жок
Жок жан бакмай
Күндөр өттү байкатпай.
Эки үйдүн жөнү башка
Энесиникиндей эркелөө жок
Эптеп жетелөө жок
Иштен кетти жадап
Анан күйөөсүнө койду талап.
Мени койбодуң баалап

Жашачуу элем
Бети башыма карап.
Кийгеним узун халат
Жегеним бир беткей тамак
Алып бердиң шокалад.
Бага албасаң
Койгун талак
Бүттүм тажаап.
Оорукчан болуп кеттим,
Кыскасы ушул кептин.
Туурулуп бүттү
Убалы да барго колдун беттин
Көңүлүм калды
Каймак сүттөн
тажап кеттим
Картошкө эттен
Уйкудан калдым
Убалы бар го
байкуш жандын.
Шорта бирякта калсын
Шымдана да албай калдым
Жоолук басып жүдөп
Шпалдасы кетти чачтын
түшүнгүм келбейт шартын
Курусун ушул салтын.
Вечерлер калды
токтоду тууганча катышым
Сүйсөң мени эгер
Россияга баргын
Миндеп акча салгын
Казактарга баргын
Каптап акча салгын.
Болбосо кетем
Сени менен жашап нетем
Жигиттер сөз айтчуу мага нечен.
деп талап койду
Издеп оңой жолду

Көнбөдү күйөөсү
Бар эле жүйөөсү
Келген жок
таштагысы элетти
Жараткан берген
Жер мал деген белекти.
Иштеп көнгөн атасы
Иштеп көнгөн бабасы
Абасы дартка дабасы
Эл-журту болсо канаты
Ошентип
Кетирген жок санаасы
Экөө ыкка келбей
Бирин-бири женбей
Же бирине бири баш ийип көнбөй
Ажырашып кетти.
Көп басма эрке
Ырыскы багын тепти.
Баягы кейпин кийип
Туфли кийип бийик
Киндигин көргөзүп туруп
Кетти шаарга ойноп күлүп
Чал чабырына карабай туруп
Кара теке сүзүп.
Турсадай шортаны таап
Биртке абийрин жаап
Модалап кетти
Сыйрып бетти
Жанашса жигит
Сүйөт деп билип
Баратты ирип
Дүйнөсү чирип
Эси жок Эркегүлдү туурап
Кай бир сиңдилерим эрчийттир дуулап
Аягы каларын билбей куурап.

# ТИЛЕК
*(жомок)*

Илгери-илгери кемпир-чал жана кызы үчөө такыр жапап эптеп күн өткөзчүү экен. Көндөрдүн биринде чал аны көрүп муну көрүп ээни кейийт: ушундайда жапоо болобу жаратканым элчилеп эле кыймылдап иштеп жүрөм, табымыш этем үч эле башпыз, бирок жетишпип жашабадык жыргап деп жараткан эгесине мунажат кылып кайгырат.

Аян келет, үчөөн бир тилек тилеп көргүлөчү. Тилешинерче берейин деп. Анан үчөө таза жуунуп тарапып, жаратканына кулдук уруп тилей баштайт. Кемпирдин тилеги аябай бай болсом байбаччага ханга тийсем тигини саксайтпай деп тилейт, кызы бактылуу болсом жакшы жерге тийсем жакшы күйөөлүү болсом, чал тилейт бардар турсак айткан сөзүм айткандай болсо деп. Мына ошентип үчөөнүн тилеги кабыл болуп бардар болушту. Кыз бактылуу болуп байбачага турмушка чыкты. Атасынын оозунда эми бар айтканы аткарылган бактылуу чал болду. Апасы байлык күткөн соң жакшы кийинип жакшы жүрүп чалын чанып байбачаларга тийгиси келип чалынын сөзүн жүрүшүн турушун кылган ишин жактырбай урушуп донузча челип карс этип кагып силкип койчуу болду. Арадан аз убакыт өтпөй кемпирдин көпкөнү аз келгенсип кызы да көөп атасын баштап тил албай чакчаңдачуу болду. Кемпиринин кордоп урушуп кул катары эзе бергенине чалы ээни кейиди. Чочкочо челип кагып силкип өзү чочкодой семирген кемпирине чалы ачуусу келип:

– Сен кадим чочко өңдөнүп баратасың, эй чочко болгур, деди эле кемпири чочкого айланып ого бетер жер челип чочко болуп калды. Кызы апасын көрүп аябай капа болуп жаратканына жалбарды. Чал дагы мурунку бейкут турмушун ойлоп.

– Бу байлыкты көппөй ынтымак менен көтөргөн

адамдарга берет окшобойбу, көтөрө албагандар ушинтип көөп урушушат тура, биз бир максатты көздөбөй өз өзүбүзчө өзүмчүлдөнгөн экенбиз. Жаратканым мени кечиргин. Өң окшойт ко, мага мурдагы эле кейпим деп ыйлайт. Ошентип дүйнө мүлкү чачылып ачылып жок болот да орто жашоодо жашап туруп калышат. Кемпири кошкурганын койуп Жаратканына жалбарып ыйлап жатып өз кебетесине келет. Ошентип ынтымактуу жашап калышат. Окурманым, үй-бүлө мамлекетке, а мамлекет үй-бүлөгө окшош айрып алгыс.

Бир максатты көздөп элдин ичи таза болсо ал мамлекет өсөт. Байлык бийликтин ченемин көтөрө билсе айкөл болсо акылман болсо аны эли сүйөт. Жараткан ээси сүйөт!

## МАЗМУНУ

Эки жомок ........................................................ 3
Насип ........................................................ 5
Чычкандар ........................................................ 6
Беш кыз ........................................................ 9
Алтынай ........................................................ 16
Укмушпу же турмушпу ........................................................ 19
Кудалар ........................................................ 20
Каалоо айтам кыргызга ........................................................ 21
Үй-бүлөмө ........................................................ 22
Сүйүү ........................................................ 22
Канткенде заман оңолот ........................................................ 23
Энекем, мен да энемин ........................................................ 26
Биз, биз ........................................................ 26
Тоо жалында ........................................................ 27
Атам Апам ардагым ........................................................ 28
Тоолук Токтогул ........................................................ 29
Ар керсе баркы ар бөлөк ........................................................ 31
Ушакчылар кыйшык күзгү ........................................................ 32
Ушундай менин кыргызым ........................................................ 33
Кыргызыма каалоо ........................................................ 35
Келиним Ырысканга ........................................................ 35
Туткак ........................................................ 36
Эдирен теке ........................................................ 36
Ыйман ........................................................ 37
Куплет ........................................................ 38
Кел жаңы жыл Ноорузум ........................................................ 38
Марш ........................................................ 39
Кай бир аялга ........................................................ 41
Кир ........................................................ 44
Ушундай элек ........................................................ 44
Жаш келиндерге кеңеш ........................................................ 45
Күйөө балдарга ........................................................ 46
Асылым апам атакем ........................................................ 47
Өмүрлүк жолдошум Керимбекке ........................................................ 47
Ошон үчүн бок дүйнө ........................................................ 50
Ыраазы болуп ырдадым ........................................................ 53
Неберем Дилайханга ........................................................ 54

Айрым кызга арноо ........ 55
Суроо жооп ........ 56
Суроо жооп ........ 58
Тоолуктарда ........ 59
Алым сабак ........ 59
Макал ........ 60
Өзгөрүшүм ........ 61
Куплеттер ........ 62
Макал ........ 62
Ит ........ 63
Апакем аруу жаным айланайын ........ 65
Сен жүрөсүң балдарда ........ 66
Мен кушту жакшы көрөм ........ 67
Жалкоо короз ........ 68
Эссиз болсо келини ........ 70
Тамашаизм ........ 73
Эки көйнөк ........ 73
Тикен жакшы бала ........ 73
Балапан куш ........ 75
Жомок ........ 82
Ыр ........ 82
Ак бүбү эже ........ 85
Жол ........ 87
Жашоо ........ 91
Артыкбай калпа ........ 94
Тоолуу Токтогулум ........ 96
Апам-атам асылдарым ........ 97
Жан дүйнөсү тазаларбы ........ 98
Дарим ........ 99
Кара молдо ........ 100
Желмогуз кыз ........ 101
Тилек тилөө ........ 103
Сары тай ........ 105
Жара ........ 117
Мышык балалуу болгондо ........ 117
Жашоо ........ 118
Ушундай калктын урпагыбыз ........ 119
Тилек ........ 123

Акын Бүбүайшакан Аксариева

Токтогул районунун Өзгөрүш айылында 1949-жылы туулган, орто билимдүү. Кезинде «Кыял» бирикмесинде чебер уз жана айыл чарбачылыкта эмгектенген. Уул-кыздардын энеси. Эки китеби чыккан «Кара-Кыр» таңы, «Шамшыкал» аларда ыр сатира, накыл сөздөр камтылган. Азыр ардактуу эс алууда.

ЖОМОКТОН СОҢ

Редактору ***Р. Масыракунов***

03.04.2007 басууга кол коюлду. Кагаздын форматы $60x84^1/_{16}$. Көлөмү 8,0 б.т. Нускасы 100.

ОсОО «Гүлчынар» типографиясында басылды
Бишкек ш., Токтогул көч. 106